

Бурулкан
АБДЫРАХМАНОВА
Кеч келген
эргич


Акын Бурулкан Абдырахмановага
чыгармачылык талант
атасы, республикага таанымал
комузчу Абдырахман Мырзагуловдон
ооган десек туура болчудай.
Мырзагулов Абдырахман 1916-жылы
мурунку Кызыл-Жар районунун
Өрүктү селсоветинин
Кызыл-Токой айылында туулган.

**Бурулкан АБДЫРАХМАНОВА**

# Кеч келген эргүү

Бишкек - 2018

ЧАТКАЛ ЭМ БАСМА

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
А 13

А 13 АБДЫРАХМАНОВА Бурулкан: Кеч келген эргүү: *Ырлар жыйнагы*

Б. ЧАТКАЛ ЭМ БАСМА 2018.80 б.

ISBN 978-9967-9120-4-5

Элеттик акын Бурулкан Абдырахманова калкка окумдуу, мааниси терең, көркөмдүүлүгү жогору чыгармаларды тартуулап, өз окурмандарын таба алды. Анын “Чаткал таланттары-1” жана “Кеч келген эргүү” ырлар жыйнактарындагы чыгармалары буга далил.

Акындан мындан ары да мыкты чыгармаларды күтөбүз.

А 4702300200-18

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-9120-4-5

© АБДЫРАХМАНОВА Б. 2018

# Автор тууралуу

Элеттик акын Бурулкан Абдырахманова өзүнүн чыгармалары менен Чаткал районунун калкына буга чейин чаткалдык таланттардын “Чаткал таланттары-1” ырлар жыйнагы аркылуу таанылган эле. Анын ырларын сүйүп окуган окурмандарынын суроо-талаптарынын жана өтүнүчтөрүнүн негизинде сиздердин колуңуздарда турган “Кеч келген эргүү” ырлар жыйнагы чыгып олтурат.

Абдырахманова Бурулкан 1952-жылы 20-февралда Жалал-Абад облусунун Чаткал районунун Кызыл-Токой айылында жарык дүйнөгө келген. Бурулкан Абдырахманова поэзия айдыңына кеч келди. Ал алтымыштын ашуусун ашкан соң гана эргүүнү сезип, колуна калем алып, көңүлүнө келген ыр саптарын кагаз бетине түшүрүп баштаган. Негизи, талант деген тартынчаак болот эмеспи. Бурулкан эне да жазган ырларын бирөөгө көрсөткөндөн тартынып, ыр дептерлерин бир топ мезгил эч кимге көрсөткөн эмес. Анын талантын байкаган айылдаштары айылдагы ар кандай маарекелерге арноо-каалоо ырларын жаздырып башташкан. 2015-жылы бир тууган кайын сиңдиси, Айгыр-Жал айылынан чыккан элеттик акын Токтоназарова Тургунбүбү Бурулкан эненин ырларын Чаткалда жашаган таланттардын “Чаткал таланттары-1” чыгармалар жыйнагына сунуштап, аталган жыйнакка анын бир топ ырлары чыгып, район калкына акын катары таанылды.

Бурулкан эне өзү мойнуна алгандай, ыр жаатына кеч келип, бул жыйнактын аталышын да “Кеч келген эргүү” деп өзү койду. Жыйнакта Бурулкан Абдырахманованын калемине таандык, турмуштун ар кандай кырдаалдарынан калпып алынган көз ирмемдерден жаралган ырлар орун алды. Бурулкан эне чындыгында, ыр жаатында эртерээк келсе бир топ алымдуу чыгармаларды жаратмак экен. Азыркы жазган ырларында айтылган ойлору,

чагылдырылган ички туйгулары салмактуулугу менен айырмаланат. Антсе да, кыргыз элибизде “Эч болбосо кеч болсун” деп айтылмакчы, турмуштун ар кандай кырдаалдарын башынан өткөрүп, азыркыдай акылы тунук, турмуштук тажрыйбага мол учурунда ыр жаза баштаганы да менимче, акындын салмактуу чыгармаларды жаратуусуна негиз боло алат деп ойлойм.

Акын Бурулкан Абдырахмановага чыгармачылык талант атасы, республикага таанымал комузчу Абдырахман Мырзагуловдон оогон десек туура болчудай. Ошондуктан, сиздерге алгач акын Бурулкан Абдырахманованын атасы, республикага белгилүү комузчу Мырзагулов Абдырахман тууралуу даректүү баянды сунуштайбыз.

Мырзагулов Абдырахман 1916-жылы мурунку КызылЖар районунун Өрүктү селсоветинин Кызыл-Токой айылында туулган.

Мырзагулов Абдырахмандын атасы Мырзагул өзү моңол уруусунан болгон. Дыйканчылык менен тирилик кылган орто дыйкан болгон. 1918-жылдан 1930-жылга чейин Таш-Көмүр, Жаңы-Жол, Ала-Бука жана Чаткал аймактарында эски казы, болуштар Арзымат, Эшбай жана башка бийлердин доорунда майда, чоң басмачылар пайда болуп, жергиликтүү калктын тынчын алып турган. Ала-Бука, Чаткал аймактарынын дыйкандары 1920-28-жылдары жайкысын бир жерге турукташа албай, ошол кездеги басмачылар - Баястан, Султан, Стамбек, Аман Палбан, Жакыпбек жана агасы Акматтардан качышып, аргасыз көчмөн болуп жашоого туура келген. 1930-жылдан баштап калк бир жерге отурукташып, колхоздоштурула баштады. Колхоздоштуруу мезгили кызуу жүрүп жаткан 1933-жылы 52 жаш курагында Мырзагул дүйнөдөн кайткан. Артында 6 уул-кызы калды.

Атасы Мырзагулдун көзү өткөндө ал 14 жашта болгон. Мектепти бүткөндөн баштап эле, сергек Абдырахман дароо эле колхоздун иштерине аралаша баштайт. Колхоздо

бухгалтерге жардамчы болуп иштеп жүрөт. Аңгыча согуш башталып, 1942-жылы январь айында согушка кетет. Согушта колунан жарадар болуп, эки жылдан кийин кайтып келет.

Абдырахмандын комузга шыктуулугун атасы Мырзагул мурдатан байкап жүргөн болот да, атайы үйүнөн бир арча комузду алып жүрөт. Мырзагулдун негизи, жалгыз гана Карача Торгой аттуу күүсү болгон. Баласын өз алдынча аракеттенип үйрөнсүн - деген ойдо, айрым учурда комуздун кулагын бурап, буроосун бошотуп коюп жүрөт. Абдырахман аны көөнү келгендей бурап, бузуп алса да ойноп жүрө берет. Атасы үйгө келгенде - ата, мен комузду сиздей толгой албадым, - деп калат. Анда атасы күлүп - оболу комуздун кулагын толгоону үйрөн, анан комузчу болосуң, - деген насаатын айтат. 1929-30-жылдары Мырзагул айылдаштары Жумагулов Мөөлөн, Тайралиев Алымкул аттуу майда комузчуларды үйүнө чакырып келип, Абдырахманды отургузуп алып, алардын алдында комуз черттирет да, тигилерге - ушул баламдын комузга шыгы жакшы. Ошондуктан, силер ушул баламды комуз черткенге үйрөткүлө, - деп макулдашат. Ошентип, тигилер мезгил-мезгили менен Мырзагулдун үйүнө келип, Абдырахманга комуз черткенди үйрөтүп башташат. Комуз чертүүнү жаңыдан үйрөнүп келаткан мезгили тууралуу Абдырахман ата минтип эскерет:

-1931-жылдын күз айлары. Кыштоодо олтурабыз. Бир күнү атам Кош-Алмурут деген кыштактан бир өрүк комуз алып келди.

– Ээ балам, сени комузчу болсо экен, - деп, Раманкул аттуу устадан бир койго сатып алып келдим. Эми, тиги комузчулар Мөөлөн менен Алымкулду чакырып кел, чертип көрүшсүн, – деди.

Абдырахман аларды тез эле чакырып келип, комузчулар тиги өрүк комузду алмак-салмак чертишип, комузга

суктанып жатышты. Анткени комуз кайрыма, же бүктөмө эле.

1933-жылы апрель айында атасы Мырзагул дүйнөдөн кайтып, үйдөгү опур-топур учурунда боз үйдүн керегесине кыстарылып коюлган өрүк комуз түшүп кетип, сынып калат. Ошол 1933-жылдын жай мезгилинде Мырзагулдун үйүнөн батачы арылган соң, Чаткалдагы тага журту жана туугандары Мырзагулдун үй бүлөсүн Чаткалга көчүрүп кетишет. Абдырахмандын тага журту чаткалдык кушчу уруусу эле.

Абдырахмандар Чаткалдын Туз-Ашуу, Суук-Төр жана АкТөр жайлоолорунда тагалары менен бирге туруп, бирге жүрүшчү.

1937-жылдан соң колхоздор түптөлүп, Мырзагулдун үй бүлөсү Ала-Бука районунун Кызыл-Токой айылында биротоло отурукташып калды.

Абдырахман атанын тагалары комузчулардан болушкан. Байботоев Качканак, Байботоев Качыке, Бекмырзаев Барпы, Качыкенин баласы Токтогул, Качканактын баласы Чотбай комуз чертишчү. Абдырахман ата тага журтунун арасында жүрүп, комузга шыгы ойгонду.

1937-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советине биринчи шайлоо болгондо “Агартуу” атындагы мектептин директору Майлиев Кубат концерт даярдап, шайлоочуларга концерт койдуруп берген. Концертке ошол кездеги комузга шыктуу өспүрүмдөр: Осмонов Корчубек, Өмүрзаков Ташкара, Мырзакулов Абдырахман, Балтагулов Кожобектер катыштырылып, калкка өз өнөрлөрүн тартуулашкан.

1940-жылы колхоздор мобилизацияланат. Ар бир колхоздон 25тен аял-эркек болуп, мурдагы Жаңы-Жол, азыркы Аксы районунун Ак-Жол-Тегене деген жерине машина жол салууга бир ай убакытка жөнөтүлөт. Ал жакка баргандардын арасында Мырзагулов Абдырахман да бар

эле. Абдырахман аба бул тууралуу өзү төмөндөгүдөй эскерет:

- Ал жакта иштеп жүрүп, бир күнү Осмонов Корчубек экөөбүз эс алган учурда зеригет экенбиз, эрмек кылганга бир комуз таппайлыбы деп ойлондук да, бул оюбузду бригадирге айтып, андан жооп сурап, комуз издештирип эки чакырымдай алыстыктагы айылга бардык. Айыл четиндеги бир үйдөн сурасак, үй ээси - бул жерде комуз чертчү киши жок, тээ жогорку тумшуктун ары жагында Үсөналы деген аксакал чертет, - деди. Андан ары ошол адамга бардык. Ал киши үйүндө экен. Ал - келгиле балдарым, - деп, бизди итинен коруп, үйүнө киргизди. Биз үйүнө кирип олтурган соң, бизге бир сыйра көз жүгүрттү да, аялына карап- балдарга айран, нан алып кел, алыстан келе жатышса керек, - деди. Бул адам менин баамымда элүүдөн ашып, алтымышка таяп калган болсо керек. Аңгыча алдыбызга айран менен нан келди. Наны чабаты экен. Үй ээси бизге тик багып карабай эле - ии балдар, жол болсун, - деп кеп улады. Адам улгайганда жаштардын жүзүнө назар салбай калат эмеспи. Шеригим - келгенибиздин себебин айт, - деп мени түртөт. Мен болсо - өзүң айт, - деп аны түртөм. Мен шеригимдин өйдө жагына олтургандыктан, өзүм айтууга туура келди. Анда мен сөз баштап - аба, биз этекте жол казып жаткандарданбыз. Эртели-кеч зериктик. Ошондуктан, сизди комуз чертет деп угуп, комузуңузду 5-6 күнгө сурап келдик. Макул болсоңуз берип турсаңыз, - дедим. Аксакал - ии, комуз чертесиңерби? - деп сурады. –Аз-маз чертчү элек, - деп жооп кайтардым. –Экөөңөр тең чертесиңерби? - деп кайра сурап койду тактап. –Ооба, - дедим мен. Анда ал - эй, кемпир, комузду алып бер, - деп калды. Кемпири комузун алып берди. –Ме балдарым, черткилечи, угайын, - деп комузун бизге сунду. Комуз менин колума тийди. Мен шеригимди ымдадым – черт, - деп. Корчубек –өзүң черт, - деп кайра ымдады. Мен сүрдөгөндөн улам кызарып кеттим

да, комуздун толгоосун келтирип, “Тайча” аттуу күүнү черттим. Комуз күүсүн аяктатып - берчи, черткенин угайын, - деди. Шеригим комуздун толгоосун жаңылап, чертип калды. Анда аксакал шеригиме карап -сен “Гүлгананы” чертет экенсиң. Түзүк-түзүк балдарым. Кийин чоң комузчу болосуңар. А бирок, муногу уулумдун колу комуздун кылын кыя кетирбей шаштырып туру. Келечекте чоң комузчу болот. - деп мага баасын берди.

Үсөналы аксакал - мейли балдарым, шагыңар сынбасын. Комузду кургак жерде сактап, көрүнгөнгө кармата бербегиле. 7-8 күндөн кийин өзүм барып, алып келем, - балдарга комузун берди. Абдырахман менен Корчубек кубанган бойдон бригададагы балдарга келишет. Булардын куру кол келбегендигин көргөн шериктери - аа, түзүксүңөр - дешип, экөөнө бир чети ыраазы болушуп, бир чети кубанып да калышты. Ал жерде түштөнүү убагында төрт колхоздун адамдары бир жерге топтолушат. Кечкисин да бир жерде болушат. Андагыларга Абдырахман менен Корчубек комуз чертип беришип, эрмек болуп калышты. Кечкисин комуз күүлөрүн, ырларды угушуп, кээ бирлери олтурган жеринде уктап да калышат. Үсөналы аксакал өзү айткандай, сегиз күндөн соң келип, комузун алып кетти.

1941-жылы Абдырахмандын тагасы Качканак колхозго орунбасар болуп иштеп калды. Абдырахман эртели-кеч тагасынын комуз черткенин көрүп, угуп жүрдү. Болгону, жаштык кылып, тагасынын черткен күүлөрүнүн аталышына жана жаралуу тарыхына кызыкпады.

Ошол арада Улуу Ата Мекендик согуш башталды. 1942жылы январь айында Мырзагулов Абдырахманды, Осмонов Корчубекти, Өмүрзаков Ташкараны согушка алып кетишти.

Абдырахман абанын Улуу Ата Мекендик согушка катышкан жылдары тууралуу өзүнүн айтуусу боюнча келтирсек: -Мени 1942-жылдын 21-январь күнү Армияга

жөнөтүштү. Ала-Бука району боюнча 70тей адам жөө, айрымдары арабада болуп, Касансайга бир түнөп, эртеси Наманганга жеттик. Станцияга бардык. Көпчүлүгү бири-бирин таптакыр тааныбайт. Ар ким таанышы менен ыкташып жүрөт. Ал жерден бизди поездге салып, андан ары алып жөнөштү. Ала-Букадан мен, Тельмандан Жантемиров Эргеш, Куйбышевден Балтагулов Дөбүт жана Сарпашов Карим, райондук мал чарба зоотехниги Маматов Казак деген, Чаткалдын, же Ала-Буканын прокурору болсо керек, Токтомушев деген, Сумсардан Ташматов Комунист, АкКоргондон Комсомол Осмонов, Социализм колхозунан Эгембердиев, Өрүктүдөн Баймуратов Атантай, ЖойБеленттен Боромбаев Абдибали жана кызыл-токойлук айылдаш балдардан 8 болуп, аскердик бөлүктөргө барганча бир болдук. Ошентип, 14 күн жол жүрүп, 16-январда Семипалатинскийге жеттик. Февраль айында Борбордук аскерлердин командачысы К. К. Рокоссовскийдин карамагында болдук. Ошол эле айда Ржев, Вязьма, Брянск шаарларын бошотууга катышып, 17-февралда жарадар болдум.

Мен согушта генерал К. Рокоссовскийдин 9-Армиясынын 7-батальонунун (командири В. С. Рундков) 3ротасынын (командири А. В. Катков) 3-взводунун (командири К. А. Жолтов) 3-бөлүгүндө (командири В. В. Будкович) кызмат өтөдүм. Андан соң, 1241-дивизиянын 337-полкунда кызмат өтөдүм. Ивановский облусунун Калчуг шаарындагы аскердик госпиталда дарыландым.

1942-жылы июль айында Ржевко салгылашуусу башталып, 3-августта снаряддын чачырандысы тийип, эки жеримден жарадар болдум. Батальондун командири В. С. Рундков жарадар болгон сол колум менен бутумду бинт менен таңып, ооруктагы санитардык бөлүккө жөнөттү. Снаряддын чачырандысы бутумдун ууз этин сыртынан кесип кеткендиктен, басууга жарадым.

Токойдун арасында жайгашкан санитардык бөлүктө жарадарлардын жарааттарын таңып, баса алгандарды жана баса албагандарды өз-өзүнчө бөлүп, оорукту карай жөнөтүп жатышты. Мен да баса алгандарга кошулуп, жөө жөнөдүм. Ошол жылы 27 жашта элем. Госпиталга жете албай, 4-августта жолдо калдык. 5-августта эрте туруп, кайра жолго чыктык. Оокат-азыксыз бир сутка жүрдүк. Күн коңур салкын кезде жөө жүрүп, аябай тердеп, жараат алган жерлерибиз көөп шишип, оорутуп баштады. Курсактар болсо ач. Айлана жаткан эле сапсары кум....

Бир жерге келгенде картошка эккен аянттарга кез келдик. Эптеп ошого жетип, картошканын сабагынан тартсам, түбүнөн музачанын жумурткасындай аппак болуп бадырайып, картошкалар кошо чыкты. Жулуп алып, капталыма сүргүлөп тазаламыш болуп, дароо жей баштадым. Картошканын кыйгыл даамы да, жыты да билинбей, тетирисинче жеген сайын даамдуу сезилип жатты. 5-6 даана жеген соң картошканын кыйгыл даамы билинип, жегим келбей калды. Ал эми, фронттошторумду карасам, ар ким өзү менен болуп, картошкаларды аймалап жатышыптыр. Биз Социализм колхозунан Эгембердиев, алма-аталык казак жигит Исаков Дөлөн, Касансайдын Ленин колхозунан Б. Байкамбаев жана алма-аталык Б. С. Зинин деген орус шериги менен, жалпы жети адам элек, ээрчишип кайра жолго түштүк. Ошентип жүрүп олтуруп, түш оогондо бир кыштакка туш келдик. Ал жерден машинанын үнү угулуп калды. Жетип келсек, баса албаган, оор жарадар жоокерлерди машина менен алып келишип, санитардык бөлүктө көрүп жатышыптыр. Бизди да дароо кабыл алышып, жарааттарыбыздын катып калган бинттерин алышып, жарааттарды жуушуп, дарылап башташты. Кээ бирлерине операция да жасалды. Жетөөбүздү тең дарылаган соң тоюндурушуп, Калинин облусундагы аскердик госпиталга машина менен жөнөтүштү. 7 күн

госпиталда дарыланып жаттык. Госпиталь жайгашкан аймакты душмандын чалгынчы самолету айлана бергендиктен, бизди Ивановский облусунун Калчугун шаарындагы 2028-аскердик госпиталга жөнөтүштү. Ал жерде эки ай он беш күн аралыгында 7 жолу мамлекеттик комиссиядан өткөрүштү. Калинин госпиталынан кеткенде анда шериктерим-Исаков Дөлөн, Эгембердиев, Б. Байкамбаев, С. Б. Зинин жана эки орус бала жарааттары жеңил болгондуктан калышкан.

Акыры 1-ноябрь күнү мамлекеттик комиссия алмааталык казак Д. Исаков, Касансай районунун Ленин Жолу колхозунан барган Б. Байкамбаев, түркмөнстандык бала, Кокондук Имамов Абдулла, Оштун Алайынан С. Алимов, бир тажик бала, жалпы 7 адамды үйлөрүнө кайтууга жооп берип, согуштан бошотту.

Ал жердеги согуштук лагерь бар экен. Бизди 12-13төн ротага жана бөлүккө бөлүп кетишти. Мен өз коңшулаш жердештерим менен калдым. Ал жерде, Семипалатинскийде, 1943-жылдын январдан 14-апрелине чейин -45, -55 градус суукта машыгууда жүрдүк. Согуштук лагердин жанында Ишим деген чоң дарыянын жанында турдук. Ошол жердеги жергиликтүү казактар сүттү пиялага куюп тоңдуруп, төок этинен фарш жасап, таванга бышырылган бөлкө нандарды тоңуп калган Ишим дарыясы аркылуу жалгыз аттуу араба менен алып келип, сатып жүрүштү. Ал тургай, тоңгон дарыянын үстүнөн аскердик машиналар да каттап жатты. Сууктун күчүнөн улам, дарыянын бети эки метрдей тоңуп калган эле. Сууктун катуулугунан улам, машыгуу учурунда кол кап кийген колдорубузду бири-бирине чапкылап, бири-бирибизге далортолорубузду жабыштырып, буттарыбызды бири-бирине ургулап, айтоор, эптеп чыдап турчубуз. Ошентип, 75 күн машыгууда болдук. 20-апрелде бир майор келип, баарыбызды катарга тизип, баяндама жасады. Ал баяндама

жасап бүткөн соң бизге карап - кимде-ким өз ыктыяры менен фронтко барса колун көтөрсүн, - деди. Ызгаар сууктан тажап калган жаныбыз ушундан көрө фронтко баралы, биз элден артык эмеспиз - деген ойдо катар тургандардын баары кол көтөрүп жиберди. Майор – Хорошо! - деди да, 21-апрелде баарыбызды эшелонго салып, түндөп фронтту көздөй жөнөттү. 3-майда Калининский облусуна бардык. Советтик аскерлер немецтерди Калининский облусунан сүрүп жөнөгөн учур экен. Биз Калининский облусунун бир аймагында, токойдо жайгашкан запастык полкто 3 ай турдук.

Согушта дээрлик эки жыл кан кечип, от аралап, Мекенди коргогон соң, алган жараатымдан улам эл-жериме кайтууга туура келди. -.

Абдырахман ата согуштан келгенден кийин колхоздо бухгалтер болуп 1953-жылга чейин иштейт. Андан кийин, ошол эле колхоздо кассир болуп иштейт. Ички иштер тармагында да бир топ жыл иштейт. Кийинчерээк, Өрүктү селсоветинде көп жыл эсепчи болуп иштейт. Ал убакта колхоздо саан уйлар болгон. ал анда көп мезгил учётчик болуп иштейт. Чаткал район болуп бөлүнгөндөн кийин Кызыл-Токой айылында көп жыл кампачы, андан кийин бригадир болуп эмгектенет. Пенсияга чыгаар мезгилдерде айылда дүкөнчү болуп эмгектенет. Согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн бир нече орден, медалдардын ээси, согуштун жана эмгектин ардагери болгон. Алты баланын ардактуу атасы болгон. Абдырахман жаш кезинен эле комузга шыктуу болгон. Аны байкаган атасы өрүк комуз сатып берет. 1955-жылы мурунку Жалал-Абад облусунда облустук кароо болуп, ага Ала-Бука районунан он эки өнөрлүү кызжигит катышат. Абдырахман ал кароодон биринчиликти алып, 200 сом акчалай сыйлыкка ээ болот. Андан кийин райондук кароо болуп, Абдырахман андан да биринчиликти алып, 150 сом сыйлык алат.

Ошентип, турмуштук ар кандай шартта комуз чертүүгө шарт болбой жүрүп, Абдырахман ата 1956-жылдан 1975жылга чейин комузду колго астейдил албай калат. Ошол кездерде элге телевизор жайылып, Абдырахман ата да эл катары үйүнө телевизор сатып алат. Абдырахман ата теледен “Сайра комуз” телеберүүсүн көрүп жүрөт. Ага аталган телеберүүдөн анчалык комузду черте билбегендер деле чыгып жаткандыгын көрүп жүрдү. Аларды көргөн Абдырахман ата оор уйкудан ойгонгондой болуп, комузун колго алып, өзүнүн ички ой толгоолорун комуз күүсүнө салып черте баштады. 1976-жылы сентябрь айында Ошко кароого чакырылып, анда “Шыңгырама” күүсүн чертип берет. (Кароонун тартиби боюнча бир катышуучу бир гана күүнү чертүүгө укуктуу болот) Абдырахман ата анда да биринчиликти ээлеп, акчалай сыйлыктын ээси болот. 1976-жылы 20-октябрда мурдагы Фрунзе, азыркы борбор калаа Бишкекте кароо-сынак болуп, анда Шыңгырама, Узатуу, КерТолгоо, Шаттык, Сабира какты, Насыйкат күүлөрүн аткарып, борбордук телевидениеге тартылат. Мындан сырткары, Фрунзеден КР. Композиторлор союзунда иштеген Бейшен Бейшенбаев аттуу кызматкер келип, Сабира какты, Кер-Толгоо, Шаттык, Насыйкат, Камбаркан, Узатуу аттуу күүлөрүн жаздырып, КР. “Алтын фондуна” алып кеткен. Ушул эле күүлөрдү чертип, 1979-жылы апрель айынын 16-17 күндөрү дагы бир ирет телевидениеге тарттырылат. Бул ирет ал Улуу Октябрь революциясына чейинки мезгилде жашаган улуу комузчулар Айдаралы менен Калыктын айтышынын сахналаштырылган көрүнүшүнө катышып, роль аткарган. Ошону менен катар эле, Абдырахман атанын Сабира какты, Кер-Толгоо, Шаттык, Насыйкат, Камбаркан, Узатуу аттуу күүлөрүн улан-кыздар аткарышып, телеге тартылышкан. 1980-жылы борбордук теледеги “Сайра комуз” телеберүүсүнө чакырылып, анда Узатуу,
Кызыл Армиянын 40 жылдыгы, Камбаркан, Карача Торгой,

Шаттык, Шыңгырама, Селкинчек, Кер-Толгоо, Насыйкат, Сабира какты, Бешим, баш-аягы он бир күүнү аткарып берет. 1983-жылы июль айында Фрунзе шаарына чакырылып, анда 9 күүнү чертип берет. Аткарылган күүлөрдүн арасында өзүнүн Чаткал ыргактары, Шаттык, Кер-Толгоо, Сабира какты, Узатуу, Абан күүсү, Токтогулдун жыйын күүсү, Сарбас, Бешим аттуу күүлөрү да болгон. 1983-84жылдары кайрадан Фрунзеге чакырылып, Абдырахмандын Камбарканы, Жангел келет, Кыйын кезең, Чаткал ыргагы,

Армиянын 40 жылдыгы, Бешим күү, Кер-Толгоо, Узатуу, Абан күүсү, Сабира какты, жалпы он күүсүн белгилүү кыргыз жазуучусу Аалы Токомбаев, белгилүү композиторлор Түгөлбай Казаков, Сатар Жумабаевдердин катышуусунда Кыргыз телевидениесинин жана Кыргыз радиосунун “Алтын Фондуна” жаздырат. Атай кетсек, Абдырахман Мырзагуловдун өзүнүн Абдырахмандын Камбарканы, Жанкел кедей, Кыйын кезең, Чаткал ыргагы, Армиянын 40 жылдыгы, Кер-Толгоо, Узатуу, Сабира какты, Абдырахмандын обонкүүсү, Бешим күүсү. Аталган күүлөр азыркы кезде кыргыз элинин улуттук маданий байлыгы катары “Алтын фонддо” сакталып турат.

Мырзагулов Абдырахман тууралуу 1977-жылдын 6-январындагы Ала-Бука райондук “Эмгек даңкы” гезитинин №3 (2580) санына колуна комуз кармаган сүрөтү менен бир канча комуз күүлөрүнүн тарыхы тууралуу макала (авторлору Ч. Нармырзаев менен Р. Момунов), ошол эле жылы 7-июлда чыккан №28 (548) номерлүү “Кыргызстан маданияты” гезитине (автору белгилүү кыргыз жазуучусу Насирдин Байтемиров) “Ондогон комуз күүлөрүнүн аттары” аттуу макала, ал эми 1984-жылы Чаткал райондук “Чаткал оттору” гезитинин №24-25 сандарына “Күүнүн жаралышы” (автору Ч. Нуруев) аттуу тема менен Сабира какты, Шаттык аттуу күүлөрүнүн сырларын чагылдырган макала чыккан.

Мырзагулов Абдырахман өз чыгармачылыгында өзүнүн Кер-Толгоо, Кыйын кезең, Селкинчек, Насикат, Бешим, Армиянын 40 жылдыгы, Жайлоо элеси, Шаттык, Чаткал ыргагы, Шаңгырама, Сарбас, Абдырахмандын Камбарканы, Абдырахмандын обон-күүсү, Узатуу, Досторго, КызБурак, Сарыбай күүсү, Сабира какты, ал эми белгилүү кыргыз комузчулары Карамолдо Орозовдун Насыйкат, Жаш Тилек, Ыбырай Тумановдун Боз Салкын, Токтогул Сатылгановдун Жыйын күүсү, Тогуз Кайрык, Атай Огомбаевдин Маш Камбаркан, Саадак какты, Өзүнүн комузчу тайкеси Качканак Байботоевдин Карачы Торгой, Кет Бука, Тайчы, Гөй-Гөй аттуу күүлөрдү ийине жеткире аткарып, комуз күүсүн сүйүүчүлөрдүн чын дилден ыраазылыгына арзыган.

Мырзагулов Абдырахман 1984-жылы 68 жашында дүйнөдөн кайтты.

Кызы Бурулкан Абдырахманованын ыр жазууга болгон ышкысы канында бар экендиги талашсыз. Ошон үчүн да, бул китепке Бурулкан Абдырахманованын атасы, белгилүү комузчу Абдырахман Мырзагулов тууралуу да маалыматты кошо киргиздик. Атасынан оогон талантпы айтоор, Бурулкан эненин да таланты кеч болсо да ачылып олтурат.

Элеттик акын Бурулкан Абдырахманованын “Кеч келген эргүү” аттуу тырмак алды жыйнагы ыр сүйгөн калкыбызды кайдыгер калтырбайт деген терең ишеничтебиз.

Анда эмесе, төмөндө сиздерге акын Бурулкан Абдырахманованын чыгармаларын тартуулайбыз.

***Мухамедалы Эшназаров,***
*КР. Журналисттер Кошуунунун мүчөсү, акын*

# Бурулкан АБДЫРАХМАНОВАНЫН ПОЭЗИЯ САПТАРЫ

## Акындын окурмандарынын пикирлери

***Кубаныч ажы Токонов,***
***Бурулкан Абдырахмановanын айылдашы***

-Бурулкан эненин талантын мурда байкабаган экенбиз. Чынында, ар кыл темадагы ажайып ырлары бар экен. Ырлары да жөнөкөй тил менен, жеткиликтүү жазылыптыр. Насаат катары жазылган ырлары жаштарга акыл болот деп ойлойм. Энебизге чыгармачылык ийгилик каалайм.

***Тургунбү Токтоназарова, кайын***
***сиңдиси, элеттик акын***

-Бурулкан жеңемдин ыр жазганын көптөн бери жакшы билем. Акындык дарамети жогору. Бирок, ырларын башкаларга окута бербейт, тартына берет. Ошентсе да, "Чаткал таланттары -1" китебинен кийин райондун көбү таанып калды. Эми, "Кеч келген эргүү " китебинен кийин Бурулкан Абдырахманованы акын катары көпчүлүгү таанып калышат деп ойлойм. Чыгармачылык ийгилик каалайм.

***Талантбек Ботобеков,***
***Каныш-Кыя айылынын тургуну***

-Бурулкан Абдырахманованын ырларын окуп, чынында руханий канааттануу алдым. Бул акын өзү айткандай, ыр

жазууну кеч баштаса да, ар кыл темада, маанилүү ырларды жазаарын билдим. Мага айрыкча, ата-эне, мекен тууралуу жазылган ырлары жакты. Акындын мындан ары да жакшы ырларды жаза беришине тилектешмин.

## Элим өзү колдосун

Салам калкым, саламдашып алайын,
Журтубузга аманчылык каалаймын.
Үстүбүздө күн жадырап, нур төксүн,
Тоодой болсун ырыс, бакыт таалайың.

Кандай кооз байкаганга чар тарап,  Кеч
болсо да ыр дүйнөнү аркалап.
Ырларымды элим өзү бааласын,
Элдин кызы болуу өзү салтанат.

Ырга кошом токой, тоолор арасын,
Тегирмендин айланткандай парасын.
Жетинчи кенч тегирмендей куюлтуп,
Чар тараптуу эргүү, ырлар жазайын.

Ыр саптарын бирден иргеп тандайын,
Моюнума мончок кылып тагайын.
Атактуу акындардын эң артынан,
Чоң жол эмес, чыйыр жолдон барайын.

Алыкулдай улуу акын агайым,
Байдылданы туу чоку деп баалайын.
Улуу акын агалардын, эжелердин,
Таазим кылым баталарын алайын.

Кыргыз элим сак-саламат болуңуздар,
Ишке ашсын жакшы тилек оюңуздар.
Жан дүйнөмөн жаралган ыр саптарын,
Кутман элим кабыл алып коюңуздар.

## Кеч келген эргүү

Ыр жазып көрсөтө албай көпкө журдүм,
Силер менен бөлүштүрөм сырларымды.
Көөдөнүмдү тээп чыкты ээ-жаа бербей,
Эми мен беките албайм ырларымды.

Ойго батып калем кармап отурам, Катар
басып ырлар келе жатканда. Таланттын
убактысы жок турбайбы, Эргүү келди
алтымыштан ашканда.

Чоң комузчу Абдырахман өз атам,
Залкар эле өнөр жаатын билгенге.
Мурас кылып калтырган, атама миң рахмат.
Өнөрүнөн ага таштап кеткенге.

## Айылым

Кызыл-Токой атыңдан айланайын, Өрүш
толо мал-жанга чар жайытың. Жер
Султаны десем да жаңылбаймын,
Сыймыктанып айтамын сени дайым.

Туулган жерим карааныңдан кагылайын,
Мен үчүн айтып бүткүс чоң дастансың.
Алыста жүрүп сени сагынганда,
Ар дайым Ала-Тоодой зор салмагың.

Сенде өскөн ойноо кезим, бала чагым,
Кайрылгыс болуп кеткен кырды ашып.
Кайрадан балалыгым келээр болсо,
Жүрмөкмүн чыбык атты камчыланып.

## Атама

Атакем-акыл азыгым, Атакем-
алтын казыгым.
Дүнүйөм түгөл сен барда,
Түгөнгүс менин байлыгым.

Бала-деп согот жүрөгүң,
Акталсын үмүт, тилегиң.
Келгенде үйгө атакем,
Мээримдин сезем илебин.

Кадыр-барк таап эмгектен,
Өнөрүң өргө дегдеткен.
Комузун алып колуна,
Нускалуу, шаңдуу күү черткен.

## Өмүр

Кимдер гана жаз айын дегдебесин,
Жашылдантып, жан киргизип бак-даракка.
Жаратылыш өз белегин тартуу кылат, Өмүр
берип, жашоо берип адамзатка.

Жаз жыттанган, гүл жыттанган сулуу кыздай,
Жай да келди, кайра кетти тээ алыска.
Буурул чачым кармалап, суроо салам, Кайда
кетти жаштыгым, бир заматта.

Өмүрдү окшоштурам төрт мезгилге,
Өткөн күндөр кайрылбаса не деймин.
Эстей жүргүн, сакалына муз тоңуп,
Күздөн кийин ызгаардуу кыш келээрин.

## Кыздарыма

Сырымды бөлүштүрөм жан кызыма,
Ырымды окуп берем ай кызыма.
Энелик бактым силер, садагалар,
Жараткан өмүр берсин кыздарыма.

Мен үчүн ыйыксыңар, кымбаттарым,
Силердин да бар болсун, уул-кыздарың.
Таенелеп жүгүрүшсүн неберелер,
Эне бактын көрүп жүргүн,
жылдыздарым.

## Неберем Заринага

Ширинтайым, кагылайын Заринам,
Карай берем, карагаттай көзүңө.  Тоо
гүлүндөй буркураган жытыңдан,
Жыттайынчы, мээрим төгүп өзүңө.

Ата-энең болсун дайым кашыңда,  Кайгы
деген эмне экенин сезбестен.
Бактылуу балалыктын доорун сүрүп,
Мекенчил бол, эмгекчил бол неберем.

Даңгыр болсун, узак болсун ак жолуң,
Тартынбастан кадам шилте, небере.
Билимдүү бол, кыргызымдын кызы бол,
Пайдаң тийсин Мекениңе, элиңе.

## Суу

Ар кай жактан кошулушкан булактар,
Тегиз жерде агып келет, жайма-жай.
Күр-шар этип, оргуштаган жерлери,
Элестетет, ачууланган буурадай.

Ойго батам, жээгинде көлүмдүн,
Билишет го, кыска экенин өмүрдүн.
Адамдар да, суудай таза болсочу,
Оорутушпай бири-биринин көңүлүн.

## Мугалим

Сен энесиң балдарыңа, мугалим, Сен
атасың окуучуңа, мугалим.
Моюнуңда кандай жүгүң турса да,
Жөнөкөйсүң, сен күчтүүсүң, мугалим.

Кубанасың, жакшы окуса окуучуң,
Келечектин бакыт жолун каалайсың.
Мекенине зор пайдасы тийсе - деп,
Ойлогондой кыялданып, самайсың.

Өз өлкөсүн коргогон чекисттер да,
Маңдай терин аарчыган дыйкан бабаң.
Ай-ааламды багындырган космонавт да,
Сен окуткан ошолор, сенин балаң.

Баарыңарга жакшылыкты каалаймын,
Бакытын көр, үзүрүн көр эмгектин. Жер
жүзүндө улуу адам ким-десе,
Сыймык менен ал мугалим! - демекмин.

## Абсындарым

Абысындарым, сырдаштарым, досторум,
Кулак салчы жүрөк сырын козгоюн.
Көрө албастык арабызга жик салып, Ичи
жаман адам келсе кошпоюн.

Абысындарым, бир бололу суранам,
Ыйманың бер, акыл эс бер Жараткан.
Ынтымакта үлгү болуп балдарга,
Балдарыбыз болуп жүрсүн бир тууган.

Айылдасак бир жүрөлү дайыма,  Чын
ден-соолук, өмүр берсин баарыңа.
Мен силерге жакшылыкты каалаймын,
Аман жүргүн балдарыңдын кашында.

## Селкиге

Сыр катып сезимиңди сездирбеген,
Секетим жүрөгүмдүн ээси белең.
Жылдыздай жаркыраган жамалыңды,
Көз албай сугум артып карай берем.

Сени көрсөм өзүмдү алсыз сеземин,  Көз
алдымдан кетпей койду элесиң.  Жакшы
сөзүң угуза көр жаркыным,  Капа болбо,
сүйгөнүм бар дебегин.

Жазда ачылган кызгалдактай айдайым,
Көргөн сайын көргүм келет ансайын.
Сени менен турмуш жолун бир басып,
Түбөлүккө бекем колуң кармайын.

# Чаткалым

80 жылдык тарыхы бар Чаткалым, Сени
менен бүт сыймыктанат бүт калкың.
Ала-Тоосун аваз кылып суктанам,
Карап туруп бийик зоока-аскасын.

Жаратылыш аябастан бериптир,
Кооздукту, сулуулукту Чаткалга.
Менменсинет бой тиреген кайыңдар,
Таза аба, көңүл сергийт басканда.

Жайлоодогу жашыл бети, тулаңы,
Таңдан кечке сайрайт тоодо улары.
Арашанда ысык, муздак булактар,
Касиеттүү Чаткалымдын суулары.

Жулкунушат желедеги кулундар.
Жетүү үчүн энесине тезирээк. Балдай
ширин, каймак даамдуу кымызы,
Ичкениңде дары экени сезилет.

Ар кай жактан сыйынышып эл келет,
Ыйык жер деп олуя Ыдырыс атага. Миң
уккандан бир көргөн дейм элибиз,
Барып келгин гул жайнаган Чаткалга.

# Дүнүйө

Жашообузга керек деп,  Жыябыз
канча дүнүйө.
Артыкбашпы, керекпи,
Аны ойлобойбуз дүнүйө.

Ачкөздөр үчүн түгөнгүс,
Түйшүктүүсүң дүнүйө.
Кембагал үчүн кол жеткис,
Бийиктесиң дүнүйө.

Бир-бирине кас кылып,
Душман кылдың дүнүйө.  Ага-
ини, жакын тууганды,  Жат
кылдың го, дүнүйө.

Бирөөлөргө бакытты,  Кош
колдоп бердиң дүнүйө.
Бирөөлөргө кайгынын,
Үрөнүн септиң дүнүйө.

Болгон сайын болсом деп,
Жулунушат дагы эле.
Ачкөздүк дагы оору го,
Жараткан берсин деги эле.

Байлык деген адамга,  Ороло
бер дүнүйө.
Тынч жашайлы кете бер,

Бизге жолобогун дүнүйө.

## Дарыгер

Ак халатчан дарыгер,
Адамдын өмүр сакчысы.
Жан кейиткен ооруунун,
Өзүндө беле ачкычы.

Жараткан өзү колдосун,
Түйшүктүү сенин эмгегиң.
Алпурушуп оору менен,
Максатыңа жетесиң.

Ажал менен алышып,  Өмүр
бердиң адамга.
Үзүрүн көрүп эмгектин,  Ден-
соолук тилейм сага да.

Элибиз бекер айтпаптыр,  Үйүндө
болсун ак жолук.
Байлыктан мурун ар кимге,
Теңирим берсин ден-соолук.

## Кыргызстан

Койнуң кенен, көп улутту батырган,
Душман келсе биргеликте качырган.
Бардык элге ырыскыны тен бөлүп,

Пейилиң кенен, берекелүү Кыргызстан.

Койнуң толо алтын, күмүш кендерге,
Канчалаган байлык жатат жергемде.
Кут төгүлүп Кыргызымдын пейилиндей,
Жаркын жашоо, пайда алып келсин элдерге.

Таң шооласы өз жергемде нурун чачкан,
Үстүбүздө дайым болсун ачык асман.
Бакубат жашоо берсин элиң үчүн,
Нур төгүлүп, өркүндөп өс Кыргызстан.

## Кандай жакшы

Калыстыктан кайтпаган, жаман сөзүн айтпаган,
Небересин жетелеген, ак элечек апасы. Аска-
зоо болуп турса, акыл кошчу атасы, Бул
кандай жакшы!

Чарчап келсең эшиктен, жаркылдап, күлүп тосуп алса,
Ызат кылып, чай сунуп турса сүйгөн жарың.
Шүгүрчүлүк келтирип, төрт көзүң түгөл, көөнүң ток,
Бул кандай жакшы!

Мекениңде тынчылык, ынтымак элде болуп турса,
Гүлдөгөн Кыргызстаныбыз, кубандырып көргөн жанды.
Урпагы болуп Манастын, сыймыктанып жашайбыз,
Бул кандай жакшы!

## Ырда, Рыспай

Ырда Рыспай сенин ырың Кыргыз элдин сыймыгы,
Учурдагы өчпөс оттой жанып турду жылдызы.
Кадыр-баркың аздектелген ыйык тумар сыяктуу,
Жарыштарда чарчабаган тулпар аттай "махабаттын жарчысы"

Ырда Рыспай, ырдай бергин, чарчабагын, талбагын,
Тартуулагын элиңе, талантың да ырдын шамы жанганын.
Изденүүдөн бакыт таап кирген суудай оргушта,
Шаңга толгон кадыр түндөй тосолу ыр майрамын.

Ырда Рыспай аба жиреп тоо бүркүттөй шаңшыгын,
Гүлдөй назик обондоруң жүрөктөрдүн тереңинде калкыңдын. Жүрөк кылын дирилдетип биргеликте, кубаныч менен кусалык, Ырдын пири Рыспай дейт, сен тирүүсүң түбөлүккө ырдагын.

## Айталбаймын

Имере тартып өзүңө, назик гана сылайсың,
Бакыттын нуру төгүлгөн ак жүзүмдү.
Экөөбүздү жолуктурган жараткандын буйругу,
Максаты жок махабатта күнөөлөбөйм өзүмдү.

Канчалаган санааларга батсам да,
Канчалаган сагынычтар жатса да. Тагдыр бизге тетири карап, сыртын салып, Биз бараткан жолдорубуз эки башка.

Кусалыктан күкүк сайрайт безелене,
Сагыныч көкүрөктө дилимди эзе.
Кечиргин жүрөгүмдүн асыл заты,
Сен жөнүндө айталбаймын мен эч кимге.

## Тагдыр

Тагдыр экен бактым баштан тайганда,
Колтукташкан досторум жок жанымда.
Оор жүктү онтолобой көтөргөн,
Ата-энем бар болушсун дайыма.

Артка карап өткөндү эстеп сыздадым,
Оттой жанып күйүп турчу чырагым.
Тагдырымдын таштай катуу сыноосуна,
Чымыркандым, ийилдим да сынбадым.

Токто тагдыр, менде өчүң барчылап,
Башка-көзгө койгуладың камчылап.
Үмүт менен жашап келем дагы да,
Жаман күндүн жакшысы да бар чыгар.

## Жараткан

Таң эртеден айланага карасам,  Күн
шооласы алтын нурун тараткан.
Күн болбосо жашоо да жок, баары жок,
Бейпил жашоо, тынччылык бер, Жараткан.

Караңгы түн, баарыбызга эң жаман,
Бирок Ай бар, жарык кылып жаркыган.
Айлуу түндө кыналышат кыз-жигит,
Бул турмуштун мыйзамы го, жараткан.

Асмандагы топ жылдызды карасам,
Желдей сызып, бирөөсү учуп бараткан.
Караңгыда Жер, ааламга көрк берген,
Бул да сенин касиетиң, Жараткан.
Өтсө өмүрлөр, кайра дагы таң аткан,
Күнүм Айга, Ай жылдызга жарашкан.
Кулдук уруп, сыйынамын күн сайын,
Баарыбызды колдоп жүрчү, Жараткан.
Кулдук уруп, сыйынамын күн сайын,
Ага-тууган, эл-журтумду колдоп жүрчү,
Жараткан!

## Кыргызым

Мен кыргызмын, кылымдардан кылымга өтүп жашаган,
Мен кыргызмын, урпак улап, бабалардан бата алган.
Канча кылым өтсө да, тарыхыңды, ата салтын унутпай,
Жашап келген, жашай берет, улуу Кыргыз аталган.

Канча жылдар азап менен, кыйын жолду бассаң да,
Үркүн заман кыргыз үчүн, ташка тамга баскандай. Ал
күндөрдү мөгдүрөбөй, тайманбастан жеңип келген,
Кыргызымдын эрлери бар, баатырыбыз Манастай.

Нечендеген акылмандар, Кожомкулдай алп өткөн,
Курманжандай энебиз, из калтырып ал кеткен.
Тоо бүркүттөй, кайра кайтпас жигиттери,
Жерин коргоп, кыраандыгы чыкпайт эстен.

## Кудалар

Артта калган балалык кез, өспүрүм кез кайда алар,
Түндүгүңөр бекем болсун, очогунда от жанаар.
Эки жашка биргеликте, өмүр менен бак тилеп,
Бир багытта жүрөктөшпүз, тилектешпиз кудалар.

Балдарыбыз Кыдыр колдоп, шыдыр болсун жолуңар,
Ачык болсун асманыңар, бакчаңарда гүл жайнап.
Эки жашка түз жолунан, адаштырбай дем берип,
Биз ар дайым сырдашалы, сыйлашалы кудалар.

Ак үйүңө кут келгендей, келин келди ай чырай,
Теңир берген түгөнгүс, ырыскыңар бар чыгаар.
Сизди, бизди кубандырып, наристелер
көбөйсүн, Жакшылыкты куттукташып,
жүрөлүчү кудалар.

## Жол

Тозулбаган жыртылбаган, кылымдардан кылымга,
Күнү-түнү техника өтүп, жайында да, кышында.
Эн биринчи жолоочуну, көктө Теңир сактасын,
Ак жол тилеп батаңды бер, жол жүргөндүн баарына.

Учу кыйры жок узак жол, кайда гана барбайсың,
Басып өттүң бирде чөлдөн, бирде токой талаасын.
Адамдардын өмүрү сенин гана колуңда,
Ар кандай балээ, кырсыктан, өзүң гана сактагын.

Жолдор, жолдор, ак жол каалап баарына,
Сапардан келди жолоочу, үй бүлөсүн сагына.
Жыдыр болсун ак жолуң, Кыдыр ата колдосун,
Жол сыктуу өмүрлөр узак болсун дайыма.

## Күүгүм

Кеч көрүндүң, жашым өтүп калганда,
Кайдан чыктың, чачымды боз чалганда.
Тынч дүйнөмө бүлүк салдың, кантейин,
Өрттөй жаштык өтүп кеткен чагында.

Жамгыр жууган жашыл беттей, айдайым,
Булбул кушту мен чоочутуп албайын.
Сезимди айтып, шагым сынып калганча,
Айтылбастан, ичте калсын арманым.

Туюк жолго чыгыптырмын, ынагым,
Колдон келбейт, кандай айла кылайын.
Жүрөк сүйгөн теңиң менен түбөлүк,
Каалайм сага, бактылуу бол чыгарым.

## Чыңгызхан

Бала кезден, эрте ажырап атадан,
Жаштайынан кордук көрүп, жанчылган.
Сен такшалып, кыйын жолго бет алдың,
Кылчайбастан алга жөнө, Чыңгызхан!

Тагдыр ташын, өйдө көздөй ыргыткан,
Беттегенин жеңмейинче тырмышкан.
Тубаса жолбашчылык алга сүрөп,
Канында бар акылмандык, Чыңгызхан.

Душмандардын таш-талканын чыгарган,
Тулпарлары туягынан от чачкан.
Жеңилбести жексен кылып жеринде,
Ошол доордун каардуусу Чыңгызхан.

Бүт дүйнөнү титиреткен каарынан,
Түбөлүктүү жок турбайбы, ай арман...
Унутулбай, даңкың калды айтылып,
Баарын таштап кете берди, Чыңгызхан...

## Жашоо-бейиш

Көңүл эргип, жашоо кызык көрүнөт,
Жараткандан бизге мээрим төгүлөт.
Ачуу-таттуу аралашкан күндөрдө,
Сабыр кетип, санаам санга бөлүнөт.

Жылдар өтүп, жылдар келе жатканы,  Ар
күн сайын кечки Айдын батканы.
Тирүүчүлүк, аманчылык биз үчүн,
Ушул майрам-ар бир таңдын атканы.

Ким билет, ким көрүптүр ары жакты,
Тынччылык болсо эле баар жакшы.
Күн мээримин тегиз чачат баарына,  Бул
жашоонун өзү бейиш карачы.

Кандай жагдай болсо дагы, өмүрдө,
Жаман нерсе албайлы биз көңүлгө.
Бир берилген жашоону биз барктайлы,
Гүлдөй жайнап, жамгыр болуп төгүлбө.

## Жаштыгым

Жаштыгым менин, кол жеткис ыйык тумарым,
Жаштыгым менин, шаңшыган бүркүт, уларым.
Кыр ашып кеттиң, кайрылгыс болуп алыска,
Жаштыкка тойбой, айламды таппай турамын.

Токточу мезгил, шашылып кайда барасың,
Кылчайбай артка, нечен бир ашуу ашасың.
Бир жарк этип, көрүнбөй калган жаштыкты,
Урпагың улаар уул-кызындан табасың.

От чалган жаштык, жүз жылга артка аттасаң,
Кайыр кош айтып, алыстап кеткен капкачан.
Алмашкым келбейт, кундуздай кара
чачымды,  Байкалбай келген, буурул чач сага
эч качан.

# Жүрөгүмдө үч нерсе

Намыска бек, жигитери көк жалдар,
Карыш чыкса, Ата Журтун сагынаар.
Тоо боорунда арча, кайың термелет,
Көк тиреген, сүрдүү Ала Тоом бар.

Атадай камкор, эр Манас тургандай карап,
Гүлдөгөн кооз жеримди, ырдайм даңктап.
Өзүңдө жашайм, сен бар үчүн, тоолорум,
Сыймыгым менин, тоолорум сага ырахмат.

Дүйнө таанып, чолпондой жансын жылдызың,
Оңолуп ишиң, төгүлүп турсун ырысың.
Канчалаган сыноолор өткөн башынан,
Улутун сактап, ак калпак кийген кыргызым.

Конок келсе кош колдоп тоскон, үйүнө,
Коюн союп, коногун күтөт сүйүнө.
Ак пейилиңден, өркүндөй бер алгалап,
Калпакты көрүп, кыргыз деп билсин бүт дүйнө.

Жүрөк толкуйт, комуз үнүн укканда,  Көл
термелет, комуз үнү чыкканда.
Комуз чертсе Абдырахман, Атайлар,
Жүргөндөйсүң эргип, мейкин талаада.

Жан дүйнөмө, жыргал берген комузум, Ай-
ааламга бийик чыксын добушуң.
Самарадай комузчулар турганда,
Кыргызымда кең келечек, жолу узун.

Ала Тоом, Ак Калпагым, Комузум бар,
Булар-улут көрөңгөсү, сыймыктанаар.
Асманыбыз ачык болуп, туу желбиреп,
Элибизди колдоп турган Жараткан бар.

## Күтүү

Эстен кетпейт таанышкан күн, сени менен,
Жоодураган жазгы майдын айында.
Сүрдөдүңбү, сүйлөгөндөн тартынып,
Сүйөнүп турдуң, кардай аппак кайыңга.

Сен дагы көрүшкөнчө шаштың бекен, Ак
жол тилейм, келе жаткан сапарыңа.
Көпчүлүктүн арасынан сени издеп,
Турамын күткөндөрдүн катарында.

Жол караба, бат эле келем-дедиң,
Зарыктырбай тезирээк келчи, жаным.
Күтүүнүн кайыгына минип алып, Сени
көздөй сапарга аттанамын.

## Үшүп кетем

Тумардай ыйык көргөн кыздарыбыз,
“Көчө кызы” болгонун элестетсем.
Келечекте жашоо жок сыяктанып,
Эч максатсыз жүргөндөргө үшүп кетем.

Канча жаштар чет жерлерде жүрүшөт,
Жан багышып келе жатат деген менен.
Кандай күндө, кандай жашоо жашаганын,
Ойлосом дүйнөм тарып, үшүп кетем.

Асты-үстү оодарышты жерибизди,  Бир
гана доллар жана байлык деген.
Чырпыгын да, бактарды да тегиз кылып,
Кыйылганын карап туруп, үшүп кетем.

Бек олтуруп, орногон адилетсиздик,
Канча адамдар майышып, запкы жеген.
Көз жаштардын төгүлгөнүн көрүп туруп,
Калыстык жок замандан үшүп кетем.

## Апама

Кайсы убакта уйкудан ойгонсом да,
Тамак даяр, кош колдоп чайын сунуп.
Байкабастан колумду кесип алсам,
Апамдын колу ооруйт, карап туруп.

Маңдайында түгөл турса балдары,
Апакемдин маанайы ачык болот.
Жегиси келсе дагы бир алманы,
Жебестен, кызыма-деп алып коет.

Дөңсөөдөн апаке, карап турам, Кут-
береке төгүлгөн ак үйүңдү. Актай
албайм, таманыңдан өпсөм да, Бир
күндүк бала деген түйшүгүңдү.

## Кызым Нурилага

Эрте жазда алма гүлү ачылган,
Жүрөгүмдүн толтосунан жаралган.
Ыңаалап, бул дүйнөгө келген күнүң,
Максаттарга жете бергин, Нурилам.

Тууруңа бакыттын кушу консун, Үйүңө
ырыс менен дөөлөт толсун.
Өмүр шамың жүз жылда да өчпөсүн,
Бүгүнкү туулган күнүң куттуу болсун.

Бар жакшылык сага берсин кудайым,
Нур төгүлсүн кадам койгон жолуңа. Чың
ден соолук, узак өмүр каалаймын,
Күндөй болуп, жаркырап жүр Нурила.

## Буттарым

Каныбыз бир, жаныбыз бир жаралган,

Мүмкүн эмес, сени сатып ийгенге, Жан
кейитип, ооруганың ооруган,
Чарчадыңбы, мени менен жүргөндөн.

Карыдыңбы, менден болуп сен дагы,
Күчтүү болгун, баш ийбегин ооруга. Же
ээринип, өйдө-төмөн баскандан,
Кыйтыр болуп, деги мени алдаба.
Мен дагы жеңилбейин бут ооруга, Сен
да бутум, колго алгын өзүңдү.
Ажырагыс денебиз бил, билип кой,
Жалкоолонбо, далай бийге түшөлү.

## Классташтар

Бир аттадык мектептин босогосун, Баёо
көздөр, таза жүрөк балакайлар.
Жанталашып ойнойбуз, кубалашып,
Балалыгым силерсиңер, классташтар.

Балалык кез артта калып, бой жеттик,
Кайталангыс өспүрүм кез, кайда алар.
Мезгил жетип, ар кай жакка тарадык,
Жаштыгым силерсиңер, классташтар.

Биз качан көрүшөбүз, аны билбейм,
Мезгилди токтотууга айла барбы.
Баарыңарга өмүр тилейм, бак тилейм,
Балалыкта эстен чыккыс күндөр калды.

## Сага

Үйүңдөн чыгаарыңды утурлап, Тезирээк
жетсем-дейм, жүрөк самап. Жаркыным,
жүрөгүңдөн кабыл алгын, Белекке ыр
сунамын, сага арнап.

Көп болсун кубанычтуу күндөрүбүз,
Жакшылыктан үзүлбөсүн үмүтүбүз.
Бек орнотуп келечектин пайдубалын,
Турмуш жолун түздөп кетчү биз өзүбүз.
Бак аралап сырдашканды элестетем,
Кучак толо тоо гүлүнөн белек бергем.
Бакыт кушу экөөбүздүн колубузда, Сен
бар үчүн бул дүйнөдө жашай берем.

## Байлыгым-китеп

Алп Чыңгыздын китептерин окуганда,
Тамагың буулгансып, көздөрүң жашылдана.
"Жамийлага" болушуп кошо жүрдүм, Китеп
жаап бошондум эми гана.

"Ак кемени" көргөндө жан талаша,
Көлдү карайт көздөрү талыганча.
Атакелеп кыйкыртпай келе калчы, Кан
жаныңдан жаралган Нургазыга.

“Деңиз бойлоп жорткон Ала-Дөбөт”,
Балага суу үнөмдөп баары берет.
Айтып берген чоң атанын ак кушу,  Жол
көрсөтүп жээкке алып келет.

Жан дүйнөң азыктанат китеп менен,  Чоң
жазуучу Виктор Гюго деген.
Бир бөлкө үчүн көп жылдарга камалган,  Өмүр
бою жан Вал-Жан “Куугунтук жеген”.

Бул китепти окуп жүрөк козголду,
Гюлбюшекер алыс кетти болжолу.
Кямранды канча азапка салдың,
Решаддын сүйүктүү “Боз торгою”.

Эрегиштин кереги жок дедиби,
Дубровский тапанчаны капка салды.
Тагдырына таарынгандай Пушкиндин,
Капаланып “Капитан кызы” келе жатты.
Жомокко айлангандай “Каар заман”,  Ат
дүбүртү канча кылым артта калган.
Жортуулдарың айтылат санжырада,
Калашников таамай жазган “Чыңгызхан”.

Эң чоң байлык китепти баалагыла,  Бул
жакшы, бул жаман деп чанбагыла.
Жакшы жагын жашооңо алып калгын,
Көзүңдү ачкан байлыктан кур калбагыла.

## Аарылар

Тандап гана түркүн гүлгө конушат,
Дүйүм гүлдүн ширесинен сорушат.  Бал
топтошуп, азыктанат аарылар,
Жакын барсаң жактырышпай, корушат.

Ачууланып кууп калса аарылар,
Токтолушуп, тез алыска качыңар.
Бал челекке тийбесе да колдорум,
Сан жетпейт го, деги неге кууду алар.

Балдын жыты гүл жыттанат карасаң,
Ачууланба аарылар, менде жокко аласаң.
Элдешели, ынтымакка келели,
Алкыш айтам бал бергенге жарасаң.

## Бек Борбиевге

Кыргыздын уулу ырчы Бек,  Арнагым
келет жылуу кеп.
Талантың сенин түгөнбөйт,  Жатсаң
да четтен “кескилеп”.

Жапжаш элең ыр дүйнөгө келгенде,  Чоң
өнөрдүн ууз сүтүн эмгенде.
Эл тараза алкышымды айтамын,
Жаратканым сендей уул бергенге.

Ар кимдердин Бектей болсо баласы,

Түйшөлбөстөн тынчыйт эне санаасы.  Эч
кем болбой, дүйнөң түгөл ырдай бер,
Жүргөн жериң болсун элдин арасы.

Көралбастык бут тоссо да артка кайтпа,
Жамандык унутулар секин аста.
Калың эл бар артыңда колдой турган,
Талант барда талпына бер алыс жакка.

## Алтындарым кыздарым

Жанымдай жакшы көргөн кыздарым,
Асмандан нур чачкандай алтындарым.
Үйүңөрдө бакыт шамы жанып турсун,
Ар дайым бар болгула асылдарым.

Чынарым, Нурилам, Гулирам,  Силердин
демиңерге жылынам.  Жаркыраган
жүзүңөрдү көргөндө,  Үшүбөймүн
бороондо да улуган.
Жаркын жашоо, өмүр берсин кудайым,
Көңүлүң ток, эч кем болбо ылайым.
Неберелер чубашып үйгө келсе,
Быйтыйган колдорунан ананайын.

Гүлдөй жайнап жүргүлө асылдарым,  Ай-
Жылдыздай жүрөккө жакындарым.  Сөз
менен жеткизе албайм тилегимди,  Бар
болгула садагалар дайым баарың.

## Булбул үнү

Жаздын бир салкын таңында,  Булбул
куш сайрайт багымда.
Уккан сайын уккум келет ал үндү,
Учуп конуп ар бутактын шагында.

Тилинен комуз үнү угулгандай,  Бирде
шаңдуу, бирде мукам чыгат ай.
Булбул үнүн кыйбастан көпкө чейин,
Тыңшап турдум ордумдан кадам жылбай.

Мынчалык кооз үндү кайдан алдың,  Жан
дүйнөсүн козгойсуң уккан жандын.
Сайрагандан талбадың эргип-эргип,
Жаздагы шүүдүрүмдөй тамчыладың.

## Неберелер

Жүрөгүмдү элжиретет неберелер,
Жайнагүл, Нуржамал, Нурперилер.  Асел,
Бермет, Зарина силер үчүн,
Ичкен ашын жерге коёт энекеңер.

Секеттерим Айжан, Нуржан, Жаңылай,
Моюнума асылат кичинекей Бегимай.
Убакыт учкан куштай деген экен,
Бой жетишти Малика жана Жумай.

Чачыңарды өрөйүн мен тал-талдап,  Бет
алдыңда өнүп турсун гүл жайнап.
Өмүрлүү бол алтын саамай периштелер,
Көкүлүнөн көктөмдөгү гүл жыттанат.

## Өкүнүч

Ыр аркылуу ал кундөрду эскердим,
Артка кайтпайм ыр жазууга белсендим.
Атактуу акындардан сүрдөдүмбү,
Жалтангансып ыр майданга кеч келдим.

Жаш чагымда ырга көңүл бөлбөпмүн,
Байкоосуздан өнөр жазын өткөрдүм.
Өзүмдү ишенбестик байлап турду,  Анча
деле бийикте эмес өнөрүм.

Күндүзү көрүнбөгөн жылдыз курттай,
Ырларым мени өзүнө байлагандай.
Арсарлык дале болсо тушап турат,
Кайыкты багыты жок айдагандай.
Өнөр багын өкүнүчкө алдырбайын,
Мезгил жылып, агарса да саамайым.
Жаш өтсө да “мини” акын мен болуп,
Эргүү келсе ыр жазгдан талбайын.

## Төрт мезгил

Жаштыктын айы-жаз айы,
Көктөмдө сулуу май айы.

Кулпурган талаа гүлдөрүн,
Жыттасаң кумар тарайбы.

Май айы берет сулуулук,
Жапжашыл аалам-улуулук.
Эмгегиң кайтса жайдагы,
Үйүңдө болот жылуулук.

Токчулук айы күздө экен,
Дыйкандар жыргап бут чечкен.
Ак төөнүн карды жарылган,
Барчылык биздин элде экен.

Кышында болот тазалык,
Айланаң баары тазарып.
Ырыскы болсун аппак кар,
Бакыттын жолун ачалык.

## Таттыбүбү

Жазында ачылганда алма гүлү,
Шамал жүрсө күбүлөт гүлдүн бүрү.
Кайда кеттиң Ак Боз атты минип алып,
Айылыңа издп келдим Таттыбүбү.

Мөлтүрөгөн бир тамчы шүүдүрүмбү,
Чырайына төп келет мукам үнү.
Бийиктесиң, айтууга сөз табалбайм,
Сулуулуктун символу Таттыбүбү.

Бөлөк болот карасаң сулуу сүрү,
Асманда эмес, жердеги Жылдыз, Күнү.
Кайрадан сендей асыл жаралбайт го,
Сен жашайсың түбөлүккө, Таттыбүбү.

## Өмүр барагы

Жашоодо жаңы өмүр башталгандай,
Жаз келди, өткөн өмүр кайталанбай.
Көңүлүңдү эргиткен жазга окшоп,
Өмүрдө жаңы барак ачылгандай.

Тынымсыз күндөр өтүп, таңдар атат,
Токтобостон жай да өтүп баратат.
Турмуштун мыйзамына баш ийебиз,
Шаштырып өмүр күзү келе жатат.

Убакыт аябады жаз, жайыңды,
Саргайтты кулпуруп турган ак кайыңды.
Кыш да келди, жашыңа жаш кошулуп,
Өмүрдүн бир барагы да жабылды.

## Пендебиз

Ойго батып, капа болом өзүмчө,
Адамдарда түрдүү кыял, пейил бар.
Көрө албастык, жарга такайт ал сени,
Таш менен урса аш менен ур, же тосуп
ал.

Пенделик кылып, жамандык кылса кай бирөө,
Билмексен болуп, жадырап кара көзүнө.
Сабырың карма, көңүлдү кири калбасын,
Жакшылыгың Алладан кайтсын өзүңө.

Жакшы-жаман боло берет турмушта,
Жакшылыктуу нуска сөздү эстеп кал.
Боорукердик, кайрымдуулук дем берип,
Жүрөктөрдү жылыткан менен барабар.

Адамзаттын ыйман берсин баарына,
Адашкандар акылга келсин ылайым.
Туманда калып, жол таппаган пендеге,
Таза жолду көрсөтүп койсун кудайым.

## Ырчыларга ырахмат!

Ырчылардын көч башы, Чеги
жок талант Саламат.
Коңгуроо үнүн укканда,
Жан дүйнөң анча тазарат.

Аскалар кошо жаңырат,
Керимдин ырын укканда.
Оболоп турса коңур үн,
Каалгыйсың асманда.

Каныкей менен Атайга Кандай
сөз айтсам жарашат. Үлгүлүү

болгон жубайлар,  Дайыма
болгун саламат.

Тоолордон да үн чыгат,
Гүлнур ырдап жатканда.
Эч кимде жок андай үн,
Жүрөгүң толкуйт укканда.

Кыргыздын кызы Алтынай,
Салмактуу үнүң жаңырат.
Сахнадан тез-тез чыгып тур,
Көрбөсө элиң сагынат.

Ырдап жатса Түмөнбай,
Уккан кулак кубанат.  Көп-
көп обон жараткын,  Өнөрдүн
көчү уланат.

Чоң сахнага бет алганда,
Жапжаш элең чырпыктай.
Солкулдаган ошол Бек,
Түптүү даракка айланды ай.

Чарчабаган тулпардай,  Катуу
чыкты таскагың.  Ырдагын
Нурлан, ырда деп,  Калың эл
сени барктасын.

Ай, Күндөй сулуу Айгерим,
Жашыңдан чыкты атагың.
Бапестеп алгын өнөрдү,
Сүйүктүү кызы атанын.

Кыргызымда талант көп,
Жазсам батпайт баракка.
Окшоп кетет таланттар,
Тамырлап өскөн даракка.

## Бөбөктайым Аида

Бүгүнкү туулган күнүң кут болсун,
Бөбөктайым кагылайын Аида.  Ата-
энеңдин мээримине бөлөнгүн,  Эч
нерседен кем болбогун садага.

Кадам шилтеп басканыңдан кагылам,
Кең келечек, өмүрлүү бол алтыным.
Эркелегин апакеңдин койнунда,
Балалыктын бакытына балкыгын.

Күлүп койчу, алтын көкүл периштем,
Гүл жыттанган жытың сонун Аида.
Атакеңдин мойнунан бек кучакта,
Нур төгүлсүн маңдайыңдан дайыма.

## Мекеним

Кимдер гана өз мекенин сүйбөсүн,
Карыш чыксаң жан биргедей сезесиң.
Алтын уяң, сенин жашооң сен үчүн, Ар
бир суусу, ташы кымбат экенин.

Ата-Журтум ардактаймын, барктаймын,
Тоолоруңду, көркөмүңдү даңктаймын.
Дүйнөдө сендей кооз өлкө жоктой,
Дайым сени жүрөгүмдө сактаймын.

Тоолоруңда аркар, кийик, улары, Мөлтүр
булак шаркыраган суулары. Жаратылыш
аябаган белекти,
Карап туруп канбайт адам кумары.

Картабыз бар, келе жаткан Союздан,
Карыш жерди сатпагыла арсыздар.
Сактагыла мекениңди, жериңди,
Менин өлкөм, менин жашоом Кыргызстан.

## Тоолорго айтым сырымды

Тоолорум, жатасыңбы жылды санап,
Сырдашайын, койнуңду аччы мени
карап. Оомал-төкмөл замандар болсо
дагы,
Бир козголуп койбойсуң артка карап.

Ата-энесин кордогон ыймансыздар көбөйдү,  Бир
кумалак наалат кылып көп элди.
Тоолорум, акыл кошчу адамзатка,
Көз артканга алдырбайлы туулган жерди.

Кыргызда, кырк чачы улук кыздарынын,
Жаман жолго түшпөсө экен кыздарыбыз.
Ай, Чолпонго теңейбиз, бийик тутуп,
Акындар ырга кошуп, ырдаарыбыз.

Бир козголуп карап койчу бул заманга,
Айтасынбы: шүк олтургун аралашпа
Алдамчынын, жегичтердин күнү тууду
"Самопалга" айландык го бир заматта

Шайланаарда алып берет Айды, Күндү,
Андан кийин же аларды ким көрдү.  Эң
бийик чокуларда карап туруп,
Жашообуз сага дагы баары бирби.

## Окуучунун тилеги

Мектебимдин босогосун аттадым,
Кийимдерим, китептерим жапжаңы.  Үмүт
менен, жакшы ой менен алып келген,  Ата-
энемдин ак тилегин актаймын.

Жакшы окуп, билим алып мектептен,
Тилин угам агай менен эжейдин.
Үлгү болуп башкаларга тартиптүү,
Билбей туруп беш коё бер дебеймин.

Чоңойгондо пайдам тийсин мекенге,
Ишенгин билимдүү миңди жыгат
дегенге. Дүйнө таанып, эл аралайм
чоңойсом, Туура жолду тандаймын
келечекте.

## Жамгыр

Жаады жамгыр, нөшөрлөп жаай берет,
Качанкы бир күндөрүм эске келет.
Шатыраган жамгырды уккан сайын,
Жүрөгүм кусалыкка толуп кетет.

Биз анда койнундабыз балалыктын,
Тоого чыгып тергенбиз чүкүрү, ышкын.
Кубалашып жамгырга да карабай,
Ойноп жүрүп бирин таптык кызгалдактын.

Көп жыл өттү билинбестен арадан, Бир
жоготкон балалыкты таба албайм.
Андан бери нечен жамгыр жааса да,
Ал күндөрүм кайтпаса да жол карайм.

## Ата-энем асылдарым

Атам-энем аска, зоом тирегим, Бош
учурда эске түшө бересиң.
Көзү өткөнгө нечен жылдар болсо да,
Өздөрү болбосо да турат дайым элеси.

Атам төрдө олтурчу эле комуз чертип,
Апакем олтурчу эле ийик ийрип.  Үйгө
келсең сүйүнүшүп тосуп алат,  Тура
салып кийимиңди төргө илип.

Берээрге ашын таппай шашып алат,
Каалаганың алгын деп сандыгын ачып салат.
Кетээринде аттап-тондоп жолго узатып,  Аман
жүр деп бар тилегин айтып салат.

Сагынам атам черткен комуз үнүн,  Апакемдин
ысык нанын, жылуу сүтүн.  Силердин
караанынңар тоо эле го асылдарым,
Ойлономун: эмне кылдым силер үчүн.

## Акча

Эч кимге иш түшпөсүн башка,  Бийик
жерден орун алган акча.
Адамдардын тагдырында чечесиң,
Же оң жакка, же сол жакка.

Колдо жокпу, ыйласаң да кетесиң сол жакка,
Алла өзүң ар балээден сакта.  Кырсык болуп
жаман ишке кабылсаң,  Күнөөсү жок
чыгасың болсо акча.

Чалкалаган чиновникте көп акча,  Ач
бала менен ойнобойт ток бала.
Бир кап унга пул таппай жургөндөргө,
Карыз сураса сатуучу, заарыңды чачпа.

Кудай деп кыйшык жерди эч баспа,
Акчасы көп төрөлөргө тең тайлашпа.
Байлыгынан, бийлигинен колдонот,
Дүйнөдө эң күчтүүсү сенсиң акча.

## Жай кечи

Кандай сонун жайдын кечи, салкын аба,
Саратандар чырылдайт канат кага.
Асман толо жылдыздар жымыңдашат
Аруулукту тартуулайт сага, мага.

Жумшак гана жел жүрөт саамай сылап,
Өз милдетин аткарып Ай да жылат.
Айлуу түндүн коолдугунун таттуусун
көр,  Бал ширинди ичкендей чайга чылап.

Таңданып олтурамын асман карап,  Эч
бир жан бүтө албайт го жылдыз санап.
Саманчынын жолу турат өз нугунда,
Шоолaдай агаргансыйт өзүн тарап.

## Ашууда

Жазында ачылганда шашыр гүлү,
Чаткалга баратабыз эңсеп бүгүн.
Чапчыманын ашуусунда турабыз,
Бизди карайт тоо бүркүттүн сүрөтү.

Ашууда бийик жерден ылдый карап,
Жапжашыл өрөөндөгү суулар агат.
Түркүн гүлдүн, кымыздын жыты келет,
Жайлоодогу малчылар жылкы байлап.

Андан дагы ылдыйраак көз чаптырсак,
Суу жээгинде теңселген ак кайындар.
Кирген суулар күрпүлдөп үшүңдү алат,
Тил кайраган ач жырткычтай шаштырат.

Чокусунан кар кетпеген улуу тоолор шаңкаят,
Кош келдиңер ашууга деп кол сунат.
Сапарымды улантып тоолор менен коштоштум,
Зымыраган машинада баратабыз жол улап.

## Мектебим

Сентябрда мектебиме барамын,  Билим
берген эжейлерим, агайым.
Каникулда сагынаштык кантсе да,
Бак-таалайды мектебимден аламын.

Билим уям жакшы көрөм мектебим,
Бизди окутат: сүйүп жүргүн эл-жериң.
Талыкпастан, чарчабастан көп окуйм,
Келечекте дайым сени эстеймин.

Мектеп бүтүп бир кесипке ээ болом,  Мол
алайын билим деген олжодон.
Сыймыктансын мугалимдер, ата-энем,
Иштеп калсам бар билимди колдоном.

## Балалык

Балалыгым, кандай гана керемет,  Кур,
таштарың турат көзгө элестеп.
Чарчаганды билбестен ойной берем,
Кубалашып түшөбүз кайра этектен.

Жибек менен бир эшекти минип алып,
Бүлдүркөнгө барчубуз челек алып.
Каалашынча бүлдүркөнгө тоюп алып,
Кайра кайттык үйүбүзгө камчыланып.

Мал айдайбыз тоону көздөй, эрте менен,
Уйкусурап ысып, кээде үшүп кетем.
Кайтаарымда куржунума толтуруп,
Мөлтүр бышкан чиелерден тере келем.

Куурчагыбыз болоор эле жыгачтан,
Эрикпестен күндө ойнойбуз ташказан.

“Көчкөн Ташта” чоң таштарды үй кылып,
Отурчубуз конок күтүп узактан.

Балалыгым, кайтып келбес курагым,
Сени эстеп, мен сагынып турамын.
Ойлогондо жылмаямын айла жок,
Канча айтсам да артка кайтпас “мейманым”.

## Жалгыз дарак

Жол боюнда турасың, бир түп дарак,
Кызга окшоп тарайсың, чачың сылап.
Түгөйүн күтүп жаткан адамга окшоп,
Умсунуп, чыгыш жакты улам карап.

Дирилдешет жапжашыл бутактарың,
Көзгө урунат керилген бой-сымбатың.
Күтүүнүн да чеги болот, жол караба,
Сени көрсөм келип кетет кучактагым.

Жаныңа шерик келээр, сен түшүнгөн,
Сабыр эткин, үмүтүң үзүлбөстөн.
Жалбырактар жашыл болуп чыга келсин,
Дарак деле шерик менен жашайт экен.

## Убакыт

Убакыт, токтобостон зымырайсың,
Тормоз жокпу? Шашып кайда барасың?

Чарчабадың, чарк айланып жер жүзүн,
Баарысын өзүң байлап алгандайсың.

Арга жоктон баш ийебиз өзүңө, Зээн
салчы жүргөн өмүр көчүнө.
Жүгүрбөгүн, кадамыңды жайлатчы,
Суранамын, бир өзүңдөн өтүнө.

Убакыт, саргайттың го жашылдарды,
Убакыт бүт баардыгын жеңип алды. Бир
келген өмүрдү да аябадың,
Адамдарда алынбаган өчүң барбы?!

## Жакшы көрөм

Жакшы көрөм эмгекчил кыргыз элимди,
Жакшы көрөм күнөстүү кыргыз
жеримди. Кайда жүрсөм эл-жер деп
согот жүрөгүм, Сактаймын сени, аянбай
соңку демимди.

Жаркырап тийсин үстүбүздө Күн, Айым,
Токчулук болсун элибизде ар дайым.
Жараткан өзү колдосун эл-жеримди, Көп
ырыскы берсин эле кудайым.

Кыргызстаным-жүрөгүмдүн толтосу,
Кен байлыктар-тоолор, суулар ордосу.
Ак эмгектен дыйкан, малчы көгөрөт, Ар
өлкөнүн болот экен өз жолу.

Көңүл тоёт, бетегелүү талаалар,
Өрөөндөрдө толгон токой, шалбаалар.
Көп кабаттуу, көрктүү үйлөр көрүнөт,
Жылдан жылга көрктөнүшүп калаалар.

Карылары калыстыкка көңүл бөлгөн,
Жаштарыбыз эмгек менен көгөргөн.  Ак
көңүл элибиз да, гүлдөгөн жерибиз да,
Мен силерди, баарыңарды жакшы көрөм.

## Жыйырма жаш

Өрттөй жанган жыйырма жаш курагы,
Эч нерседен кайтпай турган убагы.  бет
келишкен жолборско да тик карап,
Жаштыктын толуп-ташып турган убагы.

Курч жаштыгың өткөрбөй билип алгын,
Турмушта ойдогудай болбойт баары.
Экинчи ирет берилбейт, өмүр, жаштык,
Жыйырма жашты жөнү менен пайдалангын.

Өмүр деген кайталанбас, билээр бекен,
Далай жылдар ой-кырларды басат экен.
Бой бербес өжөрлүктү, өткүрлүктү,  Бир
гана аялзаты майтарат экен.

# Түрдүү көздөр

Сулуу көздөр кимди болсо тартып турат өзүнө,
Бир көргөн жан куштарланып, карай берет өзүңө.
Кербез болот сулуу көздөр, бирөөгө өзүн теңебей,
Чындыгында туруксуз ал, турбайт айткан сөзүнө.

Сырдуу көздөр жамандыкка майтарылбайт, ийилбейт,
Бир карасаң кайгырганы, кубанганы билинбейт.
Сырыңды ачпайт, сөздөрү да бек болот,
Жамандыгы жок үчүн достукта эч кебелбейт.

Кыйтыр көздөр дайым турат алдыда,
Аны менен көп чыкпагын сапарга.
Жагынса да, сатып кетет ал сени,
Жашасаң да бир чатырдын алдында.

Жайдары көздөр, жамандык жок оюнда,
Туура, түз жүрөт дайым Алла жолунда.
Ишиң түшсө жакшылыгын аябайт,
Ойлонбой берет, эмне болсо колунда.

Муздак көздөр, мээрими жок адамдарга,
Баары бир, өтүп жаткан убакыт да.
Бирөөлөрдөн эстен чыккыс запкы жеген,
Ошондуктан жылуу көздөр муздап калган.

Көздөрдөй болот адамдардын мүнөзү,  Кай
бир адам болсом дейт экен бир өзү.

Колуңдан келсе жакшылык менен жооп бер,
Таза жүрүп, бир кайыкта сүзөлү.

## Эки жашка каалоом

Тойлор болот, кубанычтын чеги жок,  Ак
маралдай келин келет, үй толот.
Карыялар ак батасын беришет,
Бийчилер бийлеп, ырчылар ырдап үн созот.

Ойлогон ой-максаттар ишке ашсын,
Түбөлүккө коломтоңдо от жансын.
Эки жашты карап туруп, кубанасың,
Жайнаган көздөрүнөн бакыт жансын.

Кармашкан колдоруңар жазылбасын,
Үйүңөрдө бакыттын таңы атсын.
Жөжүрөгөн бөбөктайлар көбөйсүн,
Ынтымактын, ырыскынын нуру тамсын.

## Конокто

Коюн союп, конок тосуп бапырандап,
Дасторкондун үстү толо дүйүм тамак.
Мейман келсе ырыскысы кошо келет,  Ак
ниеттен меймандарды тосуп алат.

Кана достор, көрүшпөйбүз күнүгө,
Устукан тартып, бал кымызы күчүндө.

Бажырашып, кеп салышып отурабыз,
Чер жазышып, ак дасторкон үстүндө.

Көрүшпөгөн досторумдун жайын сурайм,
Байкатпастан саатты карайм улам.
Ушунча сый-урматта отурсам да,
Ичимден өз үйүмдү эңсеп турам.

## Уулдарга

Алмустактан кыргызымдын салты бар,
Карыганда ата-энеңди багып ал.
Силер үчүн өмүр бою кызмат кылган,
Уулдар, башыңарда карылык бар.

Жакшы чыкса уулдары, ата-эненин ырысы,
Урматтап турса уулдары, өзү келет ырыскы.
Сен дагы уулдарыңдан сый көрөсүң,
Жылуу сөз айтып, сурашып турса сырыңды.

Жаман чыкса уулдар, эне-атанын кайгысы,
Бапестеп турса балдары, ата-эненин бактысы. Ал-
күчү кеткен убакта таштап кеткен балдар көп,
Таштабайт го карыларын, уулдун болсо намысы.

Жаман ишке кабылып, колдоруңду булгаба,
Ата-энеңдин ак жүзүн жер каратпа.
Баягынын баласы, намысы жок-дедирбей,
Өлүмдөн да намыс күчтүү бул жалганда.

## Жазы келчи

Табийгаттын ызгаар мезгил кыш экен,
Ыссык, суук ортосунда болом элчи.
Кыш чилдеде зарыктырба күтөм сени,
Көп күттүрбөй сагындырган жазым келчи.

Суктан жүдөп кеттим колум үйлөп,  Ансайын
бурганак кар жаайт күчөп.
Кызыл муш жаш балдарга аязында баары бир,
Тик турган муздан жеп, ак кардын суусун ичет.

Кулпурган жашыл беттер көздөн учат,
Көпөлөктөр канат кагып, көп гүлдөргө конушат.
Жазымдын жыпар жыттуу талаасында,
Зыңылдаган аарылар гүл ширесин сорушат.

Жазым келчи зарыктырбай тезирээк,
Жаш баладай тосуп алам жүрөктөрүм элжиреп.
Кубанамын дене-бойго тараган жылуулукка,
Гүлдөргө окшоп өзүң да жашаргандай сезилет.

## Жаштык

Жаш деген сөздүн өзү кандай бакыт,
Дүнүйө түшүндө жок көңүл балкып.
Жаштыгың толуп ташып турган чагың,
Башканын кереги не мындан артык.

Жамалың гүлдөй жайнап турган чакта,
Өзүңдү кармана бил секин аста.
Ишенбегин жаштыгың да көпкө турбайт,
Чак түштөй өтүп кетет бир заматта.

Толукшуган жаш демине ким тойгон,
Өмүр күзү аңдып турат оң солдон.
Арман менен арт жагыңды карайсың.
Түбөлүккө эч калбайт жаш бойдон.

## Көпөлөк

Гүлдөй кооз татынакай көпөлөк,  Канат
кагат бийиктерге көкөлөп.
Мейкиндикте кенен-кенен дем алып,
Кайра келсең тосуп алам бөпөлөп.

Жибек сымал жупжумшак канаттарың.
Көрбөй калсам өзүңдү саматарым.
Эркин куштай абада кайкып учат.
Көпөлөктөр самап турат таң атарын.

Бийиктерге уча бергин көпөлөгүм,
Гүлдөн гүлдү тандайт экен мүнөзүң.
Көптөгөн көпөлөктөр болсо дагы.  Өзүңө
көзүм түштү көрүп бүгүн.

# Кыялымда

Өлкө башчы өз милдетин так билсе,  Өзүнөн
да жакшы көрсө эл жерин.
Карт дарактар кулабай, гүлбакчага айланса,
Жашыл шаар аталып, таза болсо Бишкегим.

Кедей аты жоголуп эл турмушу оңолсо,  Кичи
ишкерлер оңолуп, табылгасы көп болсо.
Дыйкандар эмгегинен баар таап,
Күздөгү токчулукта, кырманына дан толсо.

Жаштарыбыз чет өлкөгө агылбай,  "Чёрный"
деген сөздү моюнуна тагынбай.  Жашоо
үчүн айла жоктон жүргөндүр,
Көздөрүндө кусалык, өз мекенин сагынгандай.

Чоң держава СССРдин убагындай,
Шарактап фабрикалар иштеп турса.
Иш менен камсыз болсо элдерибиз,
Айылда да чоң-чоң үйлөр салынса.

Ууру, жегич болбосо элибизде,
Тоногучтар жок болушса жерибизде.
Дин жамынып кылмышка баргандар,
Көпкө узабай жаза алышсын теңирден.

Чек араны бекемдеп, көз каректей сактаса,
Коркок билиш башчылар өз жерин эч сатпаса.
Өз чөнтөгүн ойлогон чиновниктер жоголсо,

Мыйзам сыйлап “лөктөрүбүз” эл үмүтүн актаса.

Элдерибиз бири-бирине кайрымдуу болушса,  Сылык сүйлөп баш ийкеп, саламдашып турушса.  Гүлдөгөн өлкөбүздө жыргап жашап,
Кайгы, кырсык болбосун бул турмушта.

## Шыңгыр булак

Тоо боорунан жарып чыккан шыңгыр булак,
Алга умтулуп, токтолбостон ылдый кулап.
Суу-өмүрсүң, сулуу кыздай мөлтүрөгөн,
Шаңгырашың жагымдуу, музыкадай угулат.

Булак үнү эгизиндей жазгы желдин,
Таштан-ташка урунсаң да эч сезбедиң.
Жоо куугандай агасың, атырылып,
Шашкан бойдон чоң дарыяга жетип келдиң.

Сени карап кол кармашкан эки жаш турат,
Күбө болгун бизге дешип, колун сунат.
Жээгиңе бак орноп, бакча болуп,
Алга карай ага бергин, мөлтүр булак.

## Ырларымда

Жаш баладай жакшы көрөм ырларымды,
Жашоодогу айтылбаган сырларым да.

Айтып берем шашпагын, сабыр эткин,
Менин бардык сырларым ырларымда.

Жакшы-жаман күндөр өттү турмушта,
Ойдогудай тегиз болгон күн кайда.
Турмуштун элегинен канча өтөсүң,
Айтылбаган көп көйгөйүм ырларымда.

Бир күнүң ачык, бири бүркөк болот,  Көз
салат асмандагы толгон Ай да.
Жашоодо кубанычым, же кайгым көппү,
Бул да айтылат, баарысы ырларымда.

Көңүлүңдү толкуткан жаштык күндөр,
Силерсиңер бакытым да, жыргалым да.
Өмүр бою эстен чыкпайт жаш күндөрүм,
Турмуштагы жакшы нерсем ырларымда.

Эч убакта оорубагын, апаке-деп,  Дем-
күч берип турушат кыздарым да.  Бул
дүйнөдө арттырганың бала тура,
Балдарыма болгон сүйүүм ырларымда.

## Жолугушчу жолдор бар

Адамдарда болот түркүн тагдырлар,
Убакыт болоор бекен жолугушаар.
Тагдыр ташы бери жылат биз үчүн,
Жашыруун жолугушчу жолдор бар.

Белгиледик барчу жерди жолугушаар,
Килемдей жайнаган гүл, ой-адырлар.
Кол кармашып көпкө жүрдүк, кете албай,
Артка кайтпас жолугушуу жолдор да бар... .

Бул турмушта жакшы-жаман баары бар,
Анча-мынча таарынычтар да жазылаар.
Эки адамдын ой-максаты бирге болсо,
Түбөлүккө жолугушчу жолдор да бар.

## Келиним Айнурага

Жакшы көргөн келиним Айнура,
Жылда барам үйүңө күздө, жазда,  Чын
пейилден тосуп алат бапырандап,
Сендей алтын келин жок бул ааламда.

Бактылуу бол өмүр бою Имаш менен,
Жадыраган жүз менен, пейлиң кенен.
Баарлашат заматта ким болсо да,
Жакшы ат алып жүрө бер-Эне кызы-деген.

Уулуң Уландан, кыздарыңдан жакшылык көр,
Жете бергин бактылуу карылыкка.  Неберелер
чубашып үйгө толсун,
Эч кем болбо ылайым бул турмушта.

## Таппай турам

Мурдагы адамдарды эстейм улам,
Азыркы салыштырып ичтен турам.
Ошондогу боорукер адамдарды,
Издесем да азырынча таппай турам.

Акчага, дүйнө мүлккө сабыр кылган,
Бар-жокко шүгүр айтып, канаат кылган.
Ачкөздүк, байлык деген орун алды,
Кайрымдуу адамдарды таппай турам.

Акыл-эсти ээлеп алган "алам, жулам",
Байгерчилик заман кайда? Кимден сурайм?
Сарандар көп, бармагынан кан чыгарбайт, Кең
пейил элибизди таппай турам.

## Куруган арак

Жаштыгы, билекте күч, баары бар, Үй
бүлөсү, үстүндө үйү дагы бар.
Капилеттен башка нукка бурулду,
Жашоосуна бороон улуп, жаады кар.

Баш-оту менен кирип алды аракка, Үй
бүлөсүн алмаштырды шарапка. Өң-
келбеттен айрылды күндөн-күнгө,
Окшой берди суу жетпеген даракка.

Эч билбеди, өмүр өтүп жатканын, Эч
билбеди, далай таңдар атканын.

Көчөдөбү, үйдөбү баары бирдей,
Ойлободу бир арактан башканы.

Солкулдаган жигитти алдың арбап,
Акыл-эсин уурдадың, курган арак.
Капысынан күзгүдөн өзүн көрсө,
Бет алдында көк ала сакал бир чал турат.

## Жазыла элек ырларым бар

Мага келген өмүрдүн бир учкуну,
Ырларыма ыр кошсом дейм көбүрөөк.
Дайым турат көз алдымда ыр белек,
Алыстардан ак шам болуп көрүнөт.

Тез-тез эле, ар жериң ооруй берсе,
Кыялыңа жаман ойлор келет экен.
Жаратканым өмүр, соолук бере көргүн,
Ойлогон максаттарга жетээр бекем.

Адамзат үмүт менен жашай берет,
Канчалаган аша элек ашуулар бар.
Шаштырбагын убакыт, али менин,
Көптөгөн жазыла элек ырларым бар.

## Адамзат

Адамзат ушундайга жаралыптыр,

Бири ак көңүл, бирине жарты таруу айланбай.
Көрө албастык, коркунучтуу бул адат,  Бүкүлү
бойдон тегирменге салгандай.

Бирөөлөргө ырыскыны ченеп берген,
Арам оокат арабасын тартып калган.  Көр
дүйнө деп, адамдыгы унутулду,
Беш кол эмес, он колун оозго салган.

Бийлик менен байлыкка ынтыгышып,
Жарыкчылык эмне экенин көрбөй калган.
Теңтайлашкан жолдошуна чалма салып,
Топуракка көзү тоёт, аттиң арман.

Жакшылыкты эч кимге ыраа көрбөй,
Жаратканды насибинен куру калба.
Кара өзгөйлүк жаныңды жеп турса да,
Адам деген улуу атты сен булгаба.

## Ак боз ат

Суйкайган көркүңө көзүм түштү,  Ак
жалыңдан сыласам дейм, кармалап.
Улакчыдай ээрине өңөрүп,
Отуз жашты ала келген Ак боз ат.

Басканыңда, жал-куйгуруң төгүлүп,
Жорго салсаң суктанышат, карашат.
Үстүндөгү ээси дагы келишкен,

Таттыбүбү талбай минген Ак боз ат.

Жаныбарым, Камбар Ата тукуму,
Жалкоолонуу, кетенчиктөө сага жат.
Жүрүштөрдө бар күчүңдү аябай,
Бардык аттан көркөмдүүсүң, Ак боз ат.

## Акылман карылар

Илгеркинин акылманы карылар,  Ар
бир сөзү мыйзам эле баарына.  Кара
кылды как жарган чечимдери,
Таасири күч жашына да, карыга.

Анча-мынча чатак болсо турмушта,
Аксакалдар жети өлчөп, бир кескен.
Кыргыз элим нуска сөзгө муюган,
Чатакташкан эки эл да элдешкен.

Сөзгө чебер устаттары көп болгон,
Макал-лакап сөздөрдү сактап келген.
Карылардын ар бир сөзүн капка салгын,
Сөз айтпаса сөз атасы өлөт деген.

## Паркта

Паркта олтурам эс алып, элдер менен,
Жаш эне, бөбөктайын жетелеген.  А
бирөөсү көз айнегин тагып алып,
Алпурушуп олтурат гезит менен.

Эс алгандар карысы да, жашы бар,
Акырын сүйлөп, адеп сактап жубайлар.
Ичиң жылыйт тарбиялуу жаштарга,
Көңүлүңдү ирээнжиткен жагдай бар.

Ары жакта бир кыз-жигит олтурушат,
Кучакташып, колу-буттары айкалышкан.
Өбүшүшөт, адамдарды көзгө илбей,  Уят
деген бийик сөздү унутушкан.

## Мактанам

Эр жүрөк бабам Манасым,  Эл-
жерин коргоп, сактаган.  Урпакка
берген белегин,
Манасым менен мактанам.

Кыргыздын атын чыгарган,
Дүйнө элине даңктаган.
Чыңгыз ким-десе кыргыз-дейм,
Чыңгызым менен мактанам.

Көп мүшкүл өткөн башынан,
Баарына сынбай чыдаган.
Кылымдан жашап кылымга,
Кыргызым менен мактанам.

# Келгин досум

Келгин досум, жамандыгың баарын унут,
Ойлосом жылмаямын, ичим жылып.
Эскерем жалындаган жаш куракты,
Сөз берметин тизели мончок кылып.

Анда биз жапжаш элек, солкулдаган,
Жамалың гүлдөй жайнап турган чагың.
Күлсөң дагы, сүйлөсөң да жарашат,
Телегейиң тептегиз, тоодой бактың.

Келгин досум, сырдашалы өткөн чакты,
Жашыңда эмгектенсең кандай жакшы.
Аз да болсо салым коштук өлкөбүзгө,  Ак
эмгегиң аш болот, чайнасаң ташты.

Бир жүрдүк, бөлүп жедик туурам нанды,
Бейкапар, жакшы күндөр артта калды.
Убакыт өтсө адам өзгөрөбү,
Ойлонуп, карап турам аткан таңды.

Жакшылыгым көргөндө тоңуп жайда,
Куюшканым кыйшайса, табаң кана.
Эмнеге ичи кара болуп калдың,
Келгин досум, мурункудай болчу кайра.

## Биз экөөбүз

Качанкы өткөн күндү эстей берем,  Жаз
деми былтыркыдан эрте келген.
Чын жүрөктөн топтогон белегим-деп,
Жылмайып, тоо гүлүнөн букет берген.

Биринчи жолугушуу, бул жазында,
Кысынгансып олтурдум, мен жанында.
Жаштык деми, жаздын деми алоолонтуп,
Жайнап турдуң, нур төгүлтүп маңдайыңдан.

Ажарың тартып турат көргөн жанды,
Бактыбыз басып өтсүн кылымдарды.
Андан кийин жылдар бою жолугуштук,
Бул турмушта өкүнбөгөн адам барбы.

Экөөбүзгө буюрбаптыр оомат ташы,
Ташбоор тагдыр ургандай башка камчы.
Өкүнсөк да, кайгырсак да колдон
келбейт,
Биздин жолдор эки айрылыш болуп калды.

## Жаратылыш

Алмалар бүчүр байлашып,
Булбулдар таңшып ырдайбы.
Байчечек жоолук салынып,
Жаз эле жакшы турбайбы.

Көркүнө чыгат адырлар,
Ыргалат гүлдөр күү чалып.
Жашылдан кийип көйнөктү,
Жай мезгил турат кубанып.

Жаздагы мээнет кайтаары,
Эмгекчил элдин эсинде.
Мол берип элге ырыскы,
Күз турат кырман четинде.

Айланаң баары аппак кар,
Апачык асман көгөрүп.
Жайдагы чаңдан тазартып,
Кыш келди белек көтөрүп.

## Кеч ойгондум

Эмнеге өнөрүмдү байкабадым, Өзүм
да анын жообун айта албаймын.
Өкүнсөк да, артка кайтпайт убакыт,
Алтымыш ашуу ашканда көзүмдү ачтым.

Ыр дүйнөгө кеч ойгондум шалдырап,
Көмүскөдө калгандары канчалап.
Жарыкка умтулушкан көп ырларым,
Кезек күтүп турушкандыр жалдырап.

Канча ырларым китеп болуп басылмак,
Канчалаган арзуу ырлар жазылмак.

Оңго-солго көп калчады тагдырым,
Мени менен ойнодубу жашынмак.

Көңүлүң тынчы болбосо ырлар кайда,
Өзү эле келип калат көңүл жайда.
Турмуштун ачуу-таттуу сыноолору,
Тушоосу бар жашоонун, кырда, сайда.

Милдеткермин жазылбаган ырларыма,
Маани бербей сырдаштарым, баарыңарга.
Жазбай калган ырларым, кечиргиле,
Айыптуумун мен силердин алдыңарда.

## Таңкы Чолпон

Жалгыз Чолпон, күндө көрөм карааның,
Жылдыздар тараса да сен каласың.
Жол каратып кайда кетти жан шеригиң,
Билбейсиңби кайсыл жакка аттанганын.

Күндө көрүп ойлономун, таң каламын,
Күткөнүңдү билди бекен самаганың.
Канча ирет түшүңө да киргендир,
Жыл айланды, күтүүдөн тажабадың.

Сени ойлосо, ал дагы жетип келмек,  Ал
дагы эстээр бекен, же сенчилеп.
Арзууларын бек сактап жүрөгүнө,
Сени өзүнө алды бекен, же энчилеп.

Таң атканда үмүт кылып калдың беле,
Турасың сен жүзүн тосуп, таңкы желге.
Жылдыздарга аралашып сиңип кеткин,
Кылымдарга күтөсүңбү ал келбесе.

## Турмуш сыноосу

Дайыма көңүл кушуң ачык турса, Эч
булут жок асмандай чалкып турса.
Кайда барсаң ак жолуң ачык болуп,
Жакшылыктан жүрөгүң балкып турса.

Балдарыңдан көңүлүң тынч жашасаң, Неберелер
күлкүсү дене-бойду балкыткан. Кыйчалыш
тагдырларга кабылбастан,
Жакшылыктын каймак-майын калпыган.

Көңүл чөккөн иштерге кабылбасаң, Бир
жоготсоң экинчи өмүр табылбаган. Бул
турмуштун канчалаган сыноолору,
Суугуна тоңдуруп, ысыгына куйкалаган.

## Сагындым жаштыгымды

Жаз күндөрүм алмашты коңур күзгө, Жол
берип четтей берди өмүр жазы.
Жаштыктын чайыттай ачык күнү астында,
Түнөрүп ала булут келе жатты.

Капысынан адашкан сол тараптан,
Сагынычка, өкүнүчкө кабылдымбы.
Эңсетип, кылчайбаган артка карап,
Сагындым оттой жанган жаштыгымды.

Жаштыгым, алыстагы жылдыздардай,
Жүзүң бурбай жаркырап бери кара.
Сагындырып, күттүрүп келер болсоң,
Күтмөкмүн жолуң карап кылымдарга.

## Адашпа

Бакыттын гүлүн тергин тоо боорунда,
Турмуштун баш ийбегин оң-солунда.
Оор жүктү турмуштун, арабасын тарта бил,
Адашпагын тагдырдын, тайгак кечүү тар жолунда.

Өмүрдү өлчөп бербейт каалашыңча,
Жаратканым белек кылган сага да.
Ар кандай кыйын кырдаал болсо
дагы, Түз бараткан ак жолуңдан
адашпа.

Төгөрөгүң төп келип турса дагы, Өргө
көздөй жолдор көп барчу дагы,
Болгон сайын жулунба болоюн деп.
Эсирбегин, көтөрө бил барчылыкты.

Ар нерсенин өлчөмү бар, чени бар,
Турмушуңдун ачуусу бар, балы бар.

Адашпагын алга көздөй умтулуудан,
Жакшылык көп мончок кылып тагынар.

## Чөктүрбөгүн маанайыңды

Жан курбум мынча неге сабырың суз,
Максатыбыз бир гана алга умтулуш.
Кээде буттан чалынсаң, кайра туруп,
Ушундайча жаралыптыр бул турмуш.

Бейкапар шат күндөрүң кайда калды,
Буйрукка баш ийбеске айла барбы.
Какшаткан кыш күнүңдү жазга айланткын, Эч
качан чөктүрбөгүн маанайыңды.

## Өмүр жазым

Түбөлүккө жанып турсун өмүр шамың,
Шаңга толгон ыр белек тартуулаган. Ар
күнүңдү жакшылык коштоп жүрсүн,
Өзүңсүң сагынычтуу өмүр жазым.

Кусалык артта калып, күтүүдөн тажабадым,
Музду эритет сүйкүмдүү жылмайганың.
Бакыттын гүлү ачылсын маңдайыңдан, Көп
күттүрбөй келсеңчи өмүр жазым.

Арадан канча убакыт өтсө дагы, Сан
жеткис жылдыздардай жаркырагын.
Көлөкөдөй жанында ээрчип жүрсөм,

Күн болуп мээрим төкчү өмүр жазым.

## Бактылуу болсом экен

Эне-аталар сый көрүшсүн төрүмдө,
Урмат, мээрим уяласын көңүлдө.
Улуулардын берген батасы менен,
Бактылуу болсом экен бул өмүрдө.

Аталардын насаат сөзүн угайын,  Ички
дүйнөм толуп кенчке турайын.
Жараткандан күндө сурайм жалынып,
Бактым тоодой болсо экен ылайым.

Ар-намыска бекем болсун уул-кызың,
Айдай, Күндөй жанып турсун жылдызың.
Жергебизде тынчтык болсун дайыма,
Кыргызымдын эң бактылуу кызымын.

## Туулган жерим

Туулган жерим, туу тутамын сени мен,
Кут береке бере көр дейм Эгемден.
Алакандай айылымдын аты угулат,
Жүрөгүмдүн ар бир соккон деминен.

Туулган жерим, алтын Кызыл-Токоюм,
Булактарың көздөрүндөй ботонун.
Алтын, сурьма кендери көп жеримде,
Кайсыл жерин аңтарат деп коркомун.

Кыргыз элим өмүр кечкен мал менен,
Семиздей жайлоолору, төрү кенен,
Көргөн элдер суктанышат айрыкча,
Кышы жылуу, жайы салкын жер деген.

Кызыл-Токой, топурагың баары алтын,
Бак-дарагың көргөн көздөр кубансын.
Жаратылыш көрккө чыгып жаздагы,
Талыкпастан жашоо көч улансын.

Тоолоруңдан элестетем атамды,
Гүлдөрүңдөн жыты келген апамдын.
Айылым, алтын бешик, алтын уям,
Сен жөнүндө бүтпөс баян жазамын.

## Бала чак

Балалыгым-балдай таттуу убагым, Эч
билинбей өтүп кетти курагың. Кечээ
эле тентек, ойноо бала элем, Тээ
алыстан сени эңсеп турамын.

Ойногондо чарчаганды унуткан, Кээ
күндөрү чатакташып урушкан.
Кайра эле кол кармашып, бир жүрүп,
Суу жээгинде кум үйлөрдү курушкан.

Кулунчактан ат минип кубалашып,
Жашынмак ойночу элек жыла басып.
Курсагыбыз ачканын да сезбестен,

Кубалашып ойнойбуз кырды ашып.

Качан гана апакем чакырганда, Эске
түшөт үйүбүз эми гана.
Балалыктан эстелик болуп калды,
Биз ойногон гүлзардай жашыл талаа.

## Жылдыздар

Асмандагы бажырайган жылдыздар,
Силерге окшоп жаралгандай нур кыздар.
Башка ааламдан бизге тийген жарыгы Ар
биринин өздөрүнчө сыры бар.

А бирөөсү учуп барат зымырап,
Калгандары жымыңдашат көз кыса.
Караңгыда асман айдын көркү экен,
Таңдануудан жүрөгүң алып учат.

Ага-ини Кичи жана Чоң Жетиген,
Жаратканым жайгаштырган жетиден.
Сен жетпеген көп жылдыздар кайда кетти,
Таң атканда таппайсың, кең ааламдын бетинен.

## Өзүмдү акын дебеймин

Улуу акындар агайларым, эжейлерим
Силерди мен шар дайрага теңеймин

Чоң акындар абройлуу “доллар” болсо,
Өзүмдү сары чака тыйын деймин.

Өзүмдү акын деп эсептебейм,
Акындарга башымды ийип таазим этем.
Чоң акындар чоң сабаадан ыр жутушса,
Мен ууртайын ыр чыланган ыр кеседен.

Кыялдарым бийиктерден саматкан, Жан
дүйнөмө жылуулукту жараткан. Ичсем
окшойт ар кай жактан суранып,
Жамгыр болуп төгүлгөн ыр шараптан.

## Жаңы Жыл

Аяз ата, Аяз кыз, Чоң
аянтка кош келдиң. Жаш
балдарды кубантып,
Көтөрүп келдиң белегиң.

Ёлка айланып ойношот, Ырдап
бийлеп жаш балдар. Жаңы
жылды бош койбой, Көптөн
жаады аппак кар.

## Кел, Жаңы Жыл

Кел Жаңы Жыл, кубанып тосуп алам,
Жагалы тилек айтып майрам шамын.
Кубанычтын, токчулуктун жылы болсун,
Ак кардай себелеп бакыт жаасын.

Көп жаагын аппак карым сиңип жерге,
Жер тойсо эл да тоёт деген экен.
Жаңы жашоо, жакшылыктар коштосун
Кайгы, кырсык болбосун элибизде

Тынчтык орноп, кырмандарга дан толсун, “Иш жүргөндүн ити чөп жеген” заман болсун.
Эшиктеги иште да дөөлөр бар дейт,
Ит жылыбыз кут болуп, жаратканым колдосун.

## Өнөр бил

Жомокто деле айтылат, Атасы айтат акыл кеп.
Баласын алыс жөнөтөт,
Өнөр билип келгин деп.

Издене бер талыкпай,
Чөйчөккө өнөр толсо да.
Аздык кылат адамга,
Жетимиш өнөр болсо да.

Жакшы окуп билим алса деп, Ата-энелер самаган.
Өнөр кенчи билим дейт,
Өнөрлүү өлбөйт эч качан.

# Сулуулук

Баскан сайын ак маралдай керилет,
Карагаттай көздөрү, каш-кирпиги серпилет.
Лейлинин сулуулугун көрүш үчүн,
Мажнундун көзү менен кароо керек.

Мөлтүрөгөн ай-чырайды көргөндө көзүң таят,
Көргөн сайын көргүң келет жүрөк самап.  Ак
куулардай керилген сулуулар көп,  Сулуулук
дүнүйөнү сактап калат.

Он алты жаш жамгыр жууган жашыл
беттей,  Карылык алыс турат андан четтей.
Жаштыктын кудуреттүү күчү менен,
Канчалаган дабанды ашты сезбей.

# Курманжан Датка

Адилеттүү Курманжандай апабызды,
Жазып койсо барактайбыз тарыхты.
Апабыздын опол тоодой эмгеги,
Жол көрсөткөн туюктан ак жарыкты.

Шер Алымбек датка карааны,
Капыстан оо дүйнө сапар салганы.  Жан
дүйнөсү чыркырап, боздосо да,
Чымырканып кайратынан жазбады.

Жүрөгүңдү титиреткен куу ажалды,
Камчыбеги көз алдында дүйнө салды.
Жүлүнүңдү сыздаткан жамандыгы,
Жазмышты тике карап кабыл алды.

Өзү ойлогон туура жолду тандап алды,
Эл-жерди жамандыктан сактап калды.
Ачкычын чачпагына байлап алып,
Орустун төрөсүнө өзү барды.

Акыйкат жок туңгуюктан тумчукту,  Эл-
журт эмес тоолор, токой тумчукту.
Замананын каардуу шарпасында,
Кайра аны мокотпостон курчутту.

Нечен жылдар, кылымдар өтсө дагы,  Эң
кайраттуу мындай аял жаралбады.
Кыйын кезде акыл калчап жайгаштырган,
“Аял Жолборс” десе болот Датка
айымды.

## Көр дүйнө

Дүйнө, мүлктөн өйдө турат адамзат,
Кубат алам улуулардын деминен.
Дүнүйөнүн түбүнө ким жетиптир,
Хандын, бектин тузу дагы келишкен.

Ойлобогун дүйнөнүн түбүнө жетем деп,
Дүйнөнү эңсеген бекер кеп.

Дүйнөнү кууп алсаң артынан, Бир
күндөрү өз башыңды кетер жеп.

Жете албайсың дүйнөнүн түбүнө, Бүтө
албайсың тешигин сен күнүгө. Канат
кылгын сабыр берсе адамга, Көңүлүң
ток, жылуулук бар үйүңдө.

Убактылуу барчылыкка сүйүнбө, Үмүт
менен жакшылыктан түңүлбө. Төрт
көзүм түгөл болсун деп жүр,
Жаратканга шүгүр айткын күнүгө.

Колубуздан качкысы келсе көр дүйнө,
Сыдырылып билинбей кетет күн-түндө.
Тынчтык менен аманчылык боло берсин,
Байкалбастан жуулуп кетет бир күндө.

## Калбасын эч көңүлдөр

Айбан да адам баркын сезбеген, Гүлдөй
көңүл ооруп турат өзгөдөн. Ичиркенип,
суу чачкандай үшүп кеттим,
Көңүлүмдү ооруткан суук сөздөн.

Бир жоготсоң, кайра келбейт экинчи өмүр,
Эч качан кайра жанбайт кайран көңүл.
Жүрөгүңдө жылуулук уяласын,
Томуктай булуту жок таңдай сөгүл.

Турмуш деген кайда гана калчабайт,  Кекчил
болбо, кичүүлөргө акыл айт.
Аман жүрсөң баары болот, бир гана,
Өткөн өмүр, калган көңүл табылбайт.

Жакшы сөз да ооздон чыгат терилип,
Суук сөздөр жегендей сени кемирип.
Тирүүлүктө баркыбызды билбейбиз,
Өлбөстөй болуп турат окшойт элирип.

## Мен сүрөтчү болсом

Мен сүрөтчү болсом эгер,
Тартмакмын эң биринчи тоолорумду.
Тоо боорунда жапжашыл арчаларды,
Бийиктеги ак кар баскан чокуларды.

Мен сүрөтчү болсом эгер,  Кыздардын
мөлтүрөгөн көздөрүн.  Аялзатка
таандык назиктикти,
Арuулукту ак баракка түшүрмөкмүн.

Мен сүрөтчү болсом эгер,
Колуна көөрү төгүлгөн чеберлерден,
Кыргызымдын оюуларын, саймаларын,
Дүйнөгө даңазалап тартаар элем.

Мен сүрөтчү болсом эгер,
Кооздукка бөлөнгөн төр жактарын,

Токойлордун, гүлгө оронгон талааларды,
Жеримдин сулуулугун тартмакмын.

Мен сүрөтчү болсом эгер,
Тартат элем булбулдун сайраганын,
Келечекте мекенге кызмат кылаар,
Наристелер көздөрү жайнаганын.

## Апакеме каалоом

(*Кызы Заринадан*)

Апакем Айым- Күнүмсүң,
Жаркырап жүргүн биз үчүн.
Алтыным апам көрүп жүр,
Кыздарыңдын үзүрүн.

Ар күнүбүз болсун майрам,
Кашыбызда гүлдөй жайнаң.
Кар Ханышага теңейбиз,
Көйнөгүңүз аппак кардан.

Жаны Жыл сизге кут болсун,
Үйүңүзгө ырыскы толсун.
Бактылуу болуп жүрүңүз,
Атам, апам бар болсун.

## Эне жүрөгү

Эне өзү өзгөчө жаралыптыр,  Бала
үчүн жашайт экен дүйнөдө.
Баласына кыйынчылык жаралса,
Даяр болот жүрөгүн да берүүгө.

Балдарынын жакшылыгын көргөндө,
Кубанычтан көздөрүнө жаш толот.
Бактылуу болсо экен балдарым-деп,
Эненин эки көзү төрт болот.

Нар төөнүн жүгү батат жүрөгүнө,
Балдарынан сый көрсүн ар бир эне.
Кандай гана оор жүктү көтөргөн,  Эне
деген тоо жүрөктү эзбегиле.

## Кең аалам

Тээ асманды карасаң,  Жылдыз
учуп бараткан.  Асман-жердин
кеңдигин,  Жаратыптыр
Жараткан.

Асман толо жылдыздар,
Каалгышат булуттар.
Суктандырып, жайнаган,
Жылдыздардай көп кыздар.

Жашоо берип адамга,  Күн
жаралган ааламга.  Күн да

төгөт мээримин,
Кыбыраган мал-жанга.

Дүйнөгө түркүк бул аалам,
Чыгыш менен Батыштан.
Адамдар үчүн бул дүйнө,
Ушундайча жаралган.

## Талантка бай кыргызым

Жакшылыктан атың чыксын кыргыздарым,
Аябастан талант берген Жаратканым. Миң
комузчу бир ыргакта черткенде,
Кубанычтан көздөрүмө жаш алдым.

Ат адамдын канаттары дегендери,
Дайым болсун ийгиликтер элимдеги.
Улак тартыш, эр эңиштей оюндары,
Ат жалында ойношот кыргызымдын жигиттери.

Эң алдыда кол эмгеги жагынан, Уз-
чеберлери колдору гүл баарынан.
Көргөндөр тамшанышат, таң калышат,
Тирүү жандык тургандай саймасынан.

Кыргызым кандай улуу, кандай бийик, Ооматың
жүрүп турсун күндөй тийип. “Көчмөндөрдүн
оюнун” дүнүйөгө даңазалап, Жер жүзүнө
таанылдың Кыргыз делип.

## Кайдасың

Санаага жабыркатып гүл өңүмдү,
Козгодуң уктап жаткан жүрөгүмдү.
Кайталангыс сезимди сага арнайм,
Билдиң бекен бир өзүңдү сүйөрүмдү.

Сезимди сездирбедим, же сезбедиң,
Суудай тунук аруулук, неге келдиң.
Кайдыгер карабастан, билээр болсоң,
Жан дүйнөм сени гана эңсегенин.

Батынып, жүрөк сырын айта албадым,
Тагдыр мени, оңго-солго көп чайкадың.
Көрүшпөйбүз биз эми, арман дүйнө,
Сен кайдасың бул күндөрдө, мен кайдамын.

## Жашагым келет

Ак таңдарым күңгүрт болуп атса да, Гүл
өмүрлөр алга карай шашса да.
Тоскоолдуктар жолуң тосуп турса да,
Жашагым келет дайым бул жарыкта.

Кол шилтеп салса дагы жоктур себеп,
Сабырдуулук, чыдамдуулук баарын жеңет.
Жүрөктү эзген мүнөттөргө төшүм тосом,
Көйгөйү көп бул жашоодон кетким келбейт.

Тунук суулар ылайланып акса дагы,
Өмүр көчү өргө карай жылган сайын.
Бир күндүк өмүрүңө татыбайт ай,
Көп жылдары үйүп тапкан байлыгың

Өмүр деген кандай кымбат экенин,
Жылдан-жылга, улгайганда сезесиң.
Кыялымда жашасам дейм кылымдарга, Артка
карай тартайын өмүрдүн кыл жебесин.

# Мазмуну


Автор тууралуу ........ 5

Акындын айрым окурмандарынын пикирлери ........ 18

Элим өзү колдосун ........ 19

Кеч келген эргүү ........ 20

Айылым ........ 20

Атама ........ 21

Өмүр ........ 22

Кыздарыма ........ 22

Неберем Заринага ........ 23

Суу ........ 23

Мугалим ........ 24

Абсындарым ........ 24

Селкиге ........ 25

Чаткалым ........ 26

Дүнүйө ........ 27

Дарыгер........................................................................................ 28
Кыргызстан................................................................................. 28
Кандай жакшы ............................................................................ 29
Ырда, Рыспай.............................................................................. 30
Айталбаймын .............................................................................. 30
Тагдыр ......................................................................................... 31
Жараткан..................................................................................... 31
Кыргызым ................................................................................... 32
Кудалар ....................................................................................... 33
Жол.............................................................................................. 33
Күүгүм ......................................................................................... 34
Чыңгызхан .................................................................................. 35
Жашоо-бейиш ............................................................................. 35
Жаштыгым .................................................................................. 36
Жүрөгүмдө үч нерсе ................................................................... 37
Күтүү............................................................................................ 38
Үшүп кетем................................................................................. 39
Апама .......................................................................................... 39
Кызым Нурилага ........................................................................ 40
Буттарым..................................................................................... 40
Классташтар ............................................................................... 41
Сага.............................................................................................. 42
Байлыгым-китеп ........................................................................ 42
Аарылар ...................................................................................... 44

Бек Борбиевге .......... 44
Алтындарым кыздарым .......... 45
Булбул үнү .......... 46
Неберелер .......... 46
Өкүнүч .......... 47
Төрт мезгил .......... 47
Таттыбүбү .......... 48
Өмүр барагы .......... 49
Пендебиз .......... 49
Ырчыларга ырахмат! .......... 50
Бөбөктайым Аида .......... 52
Мекеним .......... 53
Тоолорго айтым сырымды .......... 53
Окуучунун тилеги .......... 54
Жамгыр .......... 55
Ата-энем асылдарым .......... 55
Акча .......... 56
Жай кечи .......... 57
Ашуудa .......... 58
Мектебим .......... 58
Балалык .......... 59
Жалгыз дарак .......... 60
Убакыт .......... 60
Жакшы көрөм .......... 61

Жыйырма жаш ........ 62
Түрдүү көздөр ........ 63
Эки жашка каалоом ........ 64
Конокто ........ 64
Уулдарга ........ 65
Жазы келчи ........ 66
Жаштык ........ 66
Көпөлөк ........ 67
Кыялымда ........ 68
Шыңгыр булак ........ 69
Ырларымда ........ 69
Жолугушчу жолдор бар ........ 70
Келиним Айнурага ........ 71
Таппай турам ........ 72
Куруган арак ........ 72
Жазыла элек ырларым бар ........ 73
Адамзат ........ 73
Ак боз ат ........ 74
Акылман карылар ........ 75
Паркта ........ 75
Мактанам ........ 76
Келгин досум ........ 77
Биз экөөбүз ........ 78
Жаратылыш ........ 78

Кеч ойгондум ........................................................................ 79
Таңкы Чолпон........................................................................ 80
Турмуш сыноосу.................................................................... 81
Сагындым жаштыгымды ......................................................... 81
Адашпа................................................................................. 82
Чөктүрбөгүн маанайыңды ...................................................... 83
Өмүр жазым........................................................................... 83
Бактылуу болсом экен ........................................................... 84
Туулган жерим ...................................................................... 84
Бала чак................................................................................ 85
Жылдыздар........................................................................... 86
Өзүмдү акын дебеймин........................................................... 86
Жаңы Жыл............................................................................. 87
Кел, Жаңы Жыл ..................................................................... 87
Өнөр бил .............................................................................. 88
Сулуулук .............................................................................. 89
Курманжан Датка................................................................... 89
Көр дүйнө.............................................................................. 90
Калбасын эч көңүлдөр............................................................ 91
Мен сүрөтчү болсом ............................................................... 92
Апакеме каалоом.................................................................... 93
Эне жүрөгү ........................................................................... 94
Кең аалам.............................................................................. 94
Талантка бай кыргызым ......................................................... 95

Кайдасың ............................................................................ 96
Жашагым келет......................................................................... 96

***Бурулкан АБДЫРАХМАНОВА***
***Кеч келген эргүү***

*Башкы редактору* КР. Журналисттер кошуунунун мүчөсү, Чаткал районунун www.chatkal.kg маалыматтык сайтынын редактору ***Мухамедалы Эшназаров***,

*Компьютерге терген жана корректору* ***Самара Субанова***

---

Нускасы 100 даана. Көлөмү 11 б.т. Басууга 08.09.18-ж. берилди.
"***Чаткал басма***" басмаканасында басылды.
*Басмакана тел.:* ***Ватсап:*** +996 777 745 914